АЛИЗАГА АРТЫЛГАН ИШЕНИМ

Эртең, 25-ноябрда Жогорку Кеңештин кезектеги жыйыны өз ишин баштайт. Күн тартибиндеги алты маселенин бири - Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министри кызматына сунушталган Ализа Солтонбекованын талапкерлигин бекитүү. Ализа айымдын учурдагы кызматы аталган министрликте министрдин орун басары.

МАЙЯ САНДУ

Молдавияда президенттик шайлоонун экинчи турунун акыркы жыйынтыгы расмий жарыяланып, өлкөнүн жаңы президенти Майя Санду куттуктоолорду ала баштады. Аракеттеги президент Игорь Додондун кызмат мөөнөтү 23-декабрда аяктайт. Жаңы президенттин ант берүү аземи 24 же 25-декабрда өтөт.

КЫРГЫЗСТАНДЫН АЛТЫНЫ

Үстүбүздөгү жылдын тогуз айында өлкөбүз Улуу Британияга 807 миллион долларга 16 тонна 648,4 тонна алтын сатты деп айтылат Улуттук статистикалык комитеттин маалыматында.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

Эркин Тоо

№96 (3168)

WWW.ERKINTOO.KG

Шейшемби, 2020-жылдын 24-ноябры

КЕЛЕЧЕКТИ ТАНДОО

Кыргызстандын эли өлкөнүн Баш мыйзамын өзгөртүүгө муктажбы? Кайчы пикир жараткан бул суроого "ооба" жана "жок" деп жооп айткандар арбын. Арийне, Конституциялык кеңешме ишке киришип, Баш мыйзамга кандай өзгөртүүлөрдү киргизүү керектиги өткөн жума соңунан бери кызуу талкуулана баштады. Ырас, мамлекеттик башкаруу институттарын эл талабына ылайык түзүү, жарандардын шайлоо жана шайлануу укуктарын камсыздоо үчүн конституциялык, саясий реформалар Кыргызстанга абадай зарыл экендиги айныгыс чындык...

3, 9-БЕТТЕРДЕ

КЫЗДАРЫ КЫЙЫН КЫРГЫЗДЫН!

Түркиянын радио жана телекөрсөтүү корпорациясы тарабынан ар жылы өткөрүлүүчү "Келечектин коммуникаторлору" кинофестивалында алдыңкы үч орунду – алтынды Гүлнара Айтмаматованын "Тайгак жол", күмүштү – Аманат Рахмановanын "Жатакана" жана колону – Лунара Жээнбекованын "Тогуздан кийин эгиз" тасмалары жеңип алды.

МАКУЛДАН КИЙИН ДА МААЛ КЕЛЕТ

"Кыргызстан учурда тышкы карыздарды төлөөнүн мөөнөттөрүн узартуу боюнча 11 өлкө менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүдө, 5 өлкө макул болду", - деп айтты финансы министри Кыялбек Мукашев.

"Эркин Тоо"

– эгемендүү доордун гезити

2021-ЖЫЛДЫН АЛГАЧКЫ 6 АЙЫНА ЖАЗЫЛУУ БАШТАЛДЫ.

Баасы накталай төлөм – 1123,14 сом,
которуу аркылуу – 1103,44 сом.

"Нормативдик актылар" журналына жазылуу баасы:
накталай – 1480,19 сом,
которуу аркылуу – 1454,22 сом.

БИРДИКТҮҮ ПИКИРГЕ КЕЛҮҮ ҮЧҮН КОНСТИТУЦИЯЛЫК КЕҢЕШМЕ ТҮЗҮЛДҮ

Кыргыз Республикасынын Президентинин милдетин аткаруучу, Жогорку Кеңештин Төрагасы Талант Мамытов 20-ноябрда Кыргыз Республикасынын Конституциясынын долбоору коомдук талкууга чыгарылып жаткандыгына байланыштуу кыргызстандыктарга кайрылды.

Анда: «Азыркы учурда өлкөбүз өнүгүү жолунда кыйын мезгилди башынан өткөрүп жатат. 2020-жылдын 5-6-октябрь күндөрүндөгү баарыбызга белгилүү окуялар өлкөбүз кескин жана системалуу өзгөрүүлөргө муктаж экендигин көрсөттү. Коррупция, кландар жана өнүкпөгөн партиялык система акыркы жылдарда өлкөнүн экономикалык өнүгүшүн токтотуп жаткан башкы деструктивдүү факторлордон болуп калды. Өлкөгө кыйла натыйжалуу болгон мамлекеттик башкаруунун моделин иштеп чыгуу аркылуу жаңылануу зарылдыгы айкын болду. Жакында эле Кыргыз Республикасынын жаңы Конституциясынын долбоору коомдук талкууга чыгарылып, ал коомчулукта чоң талаш-тартыштарды жаратты. Үч элдик толкундоолорду башынан өткөргөн өлкө катары биз жарандардын бардык айтып жаткан пикирлерин түшүнүү менен кабыл алабыз.

Ар бир жарандын пикири эске алынып, өлкөнүн бардык элин бириктирүүчү фактор, республиканын мындан аркы өнүгүүсүнүн кепилдиги боло турган Баш мыйзамдын макулдашылган долбоорун иштеп чыгабыз деп ишенем», - деп айтылат.

ЖАРАНДАРДЫН ДЕН СООЛУГУ ЖАНА ӨМҮРҮ КЫМБАТ

КРнын Президентинин милдетин аткаруучу, Жогорку Кеңештин Төрагасы Талант Мамытов 20-ноябрда үстүбүздөгү жылдын октябрь окуяларында жабыркаган жарандар менен жолугушту.

Жолугушууга ар кандай даражада жаракат алган жаштар — Табышбек уулу Рыскелди, Бейшеев Талант, Нурлан уулу Уларбек катышты.

Талант Мамытов бийликтин адилетсиз саясатынын аркасында өлкөдө үчүнчү элдик толкундоолор жаралып, ага жарандардын парламенттик шайлоонун жыйынтыгына макул эместиги негизги себеп болгонун белгилеп, жарандардын ден соолугу менен өмүрү кайсы гана бийликтен болбосун кымбат тураарын, мындай окуялар мындан ары өлкөдө кайталанбай тургандыгына үмүт артаарын билдирди. Азыркы тапта жарандар өзгөрүүлөрдү күтүп жаткандыгын, ага байланыштуу Конституциялык реформа башталганын кошумчалап өттү.

Жабыр тарткандарга материалдык жардам көрсөтүлдү.

САНАРИПТЕШТИРҮҮ ИШИ ТОЛУК КАНДУУ ЖҮРҮП ЖАТАТ

Кыргыз Республикасынын Президентинин милдетин аткаруучу, Жогорку Кеңештин Төрагасы Талант Мамытов 21-ноябрда Маалыматтык технологиялар жана байланыш мамлекеттик комитетинин алдындагы «Түндүк» электрондук өз ара аракеттешүү борбору» мамлекеттик ишканасына барды.

Мамлекет башчысынын милдетин аткаруучу өлкөнү санарипке өткөрүү боюнча долбоорлорду, «Digital CASA — Кыргыз Республикасы» долбоорун ишке ашыруунун жүрүшү менен таанышып, тармактардын жетекчилери менен мындан аркы чараларды талкуулады. Маалыматтык технологиялар жана байланыш мамлекеттик комитетинин төрагасы Алтынбек Исмаилов бүгүнкү күндө санариптештирүү иштери толук кандуу жүрүп жатканы жарандардын мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү алуусун кыйла жеңилдетип, коррупциялык тобокелдиктерди кыскартып келатканын, ошондой эле эң маанилүүсү — мамлекеттик реформалардын кыймылдаткычтарынын бири болуп калаарын маалымдады. Санарип платформанын түзүлүшү менен бирге эл аралык стандарттарга жана кибер коопсуздуктун талаптарына жооп бере турган маалыматтарды иштеп чыгуу борбору түзүлүүдө.

Президенттин милдетин аткаруучу Талант Мамытов мындан ары да жарандарга жана ишкерлерге карата жагымдуу шарттарды түзүү максатында санариптештирүүнү натыйжалуу ишке ашыруу мамлекеттин өнүгүшүнүн зарыл фактору экендигин өзгөчө белгиледи.

ӨЗБЕКСТАНДАН ГУМАНИТАРДЫК ЖАРДАМ КЕЛДИ

Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин милдетин аткаруучу Артём Новиков 20-ноябрда Өзбекстан Республикасынын Премьер-министринин орун басары Сардор Умурзаков менен телефон аркылуу сүйлөштү.

Артём Новиков Өзбекстан Республикасынын өкмөтүнө коронавирус инфекциясынын жайылышына каршы күрөшүү боюнча чаралардын алкагында көрсөткөн гуманитардык жардамы үчүн ыраазычылык билдирди.

Сүйлөшүүнүн жүрүшүндө соода-экономикалык кызматташтыкты активдештирүү, өз ара соода жүгүртүүнүн көлөмүн көбөйтүү жана өндүрүш кооперациясы чөйрөсүндө биргелешкен долбоорлорду түзүү, соода-логистикалык борборлорду, эки өлкөнүн чек арага чектешкен облустарында эркин экономикалык аймагын куруу жолу менен соода жүгүртүүнүн номенклатурасын кеңейтүү маселелери талкууланды.

Алдыдагы декабрь айында чек арага чектеш облустардын башчыларынын кеңешинин үчүнчү отурумун өткөрүү боюнча макулдашылды.

ДҮЙНӨЛҮК БАНК КЫРГЫЗСТАНГА КОЛДОО КӨРСӨТҮҮСҮН УЛАНТАТ

Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин милдетин аткаруучу, Биринчи вице-премьер-министр Артем Новиков 20-ноябрда Кыргыз Республикасындагы Дүйнөлүк банк кеңсесинин жетекчиси Навид Накви менен жолугушту.

«Дүйнөлүк банк өнүгүүнүн бардык маанилүү багыттарында олуттуу колдоо көрсөткөн биздин маанилүү өнөктөшүбүз болуп саналат. Дүйнөлүк банк тарабынан кризистин кесепеттерине каршы күрөшүүгө багытталган долбоорлорду ишке ашырууда көрсөтүлүп жаткан көмөгүнө кубанычтабыз. Биз үчүн коронавирус инфекциясына каршы күрөшүү боюнча чараларды ишке ашырууда өнөктөштөрдүн колдоосу абдан маанилүү. Биргелешкен күч-аракет аркылуу экономиканы турукташтыруу боюнча антикризистик чараларды ишке ашырабыз жана экономикалык тобокелдиктерди кыскарта алабыз деген ишенимим бар», - деди Артем Новиков.

Өз кезегинде Дүйнөлүк банктын кеңсесинин башчысы Навид Накви биргелешкен долбоорлорду ишке ашыруу боюнча Кыргыз Республикасы менен жемиштүү кызматташууну улантууга даяр экендигин белгилеп: «Учурда республикада жалпы суммасы 750 миллион доллар болгон 24 долбоор ишке ашырылууда. Бул сумманын 10%ы гана тартылган. Демек биздин кызматташтыктын белгиленген пландарын жүзөгө ашыруу үчүн колубузда олуттуу каражат бар. Дагы келечекте каржылык жардам көрсөтүүгө даярбыз», - деди.

Даярдаган
Жылдыз ДЫЙКАНОВА

ВАЛЕНТИНА ШЕВЧЕНКО – КЫРГЫЗСТАНДЫН СЫЙМЫГЫ!

КРнын Президентинин милдетин аткаруучу, Жогорку Кеңештин Төрагасы Талант Мамытов 22-ноябрда UFC версиясындагы аралаш мушташ боюнча дүйнө чемпиону Валентина Шевченкону Лас-Вегаста өткөн UFC 255 турниринде титулун коргогондугу менен куттуктады.

Куттуктоодо: «Өлкөнүн жалпы эли сиздин таймашты чыдамсыздык менен күтүп, башынан аягына чейин тынчсыздануу менен көрүштү. Сиз Кыргызстандын сыймыгысыз жана сиздин аркаңыздан өлкөнүн желеги дүйнөлүк спорт майданында дагы бир жолу бийик желбиреди. Чемпиондукка жетчү жол талыкпаган эмгек менен аракеттин аркасында салынат. Мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, сиздин бир тууганыңыз Антонина Шевченкону дагы ошол эле мелдештеги жеңиши менен куттуктайм. Мындан ары дагы Кыргызстанды чет өлкөлөрдө даңазалай бересиз деп бекем ишенем», — деп айтылат.

КОНСТИТУЦИЯЛЫК КЕҢЕШМЕНИ ТҮЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН МИЛДЕТТЕРИН АТКАРУУЧУНУН

ЖАРЛЫГЫ

2020-жылдын 5-6-октябрындагы окуялар республикада түзүлгөн саясий жана экономикалык системанын стабилдүү эместигинин жана туруксуздугунун натыйжасынан келип чыкты. Мамлекеттик башкаруу системасындагы аша чабуулар, шайлануучу органдар аркылуу жарандардын мамлекеттик башкарууга толук катыша турган укуктарын чектөө, мамлекеттик бийликтин бутактарынын жана алардын кызмат адамдарынын жоопкерчилигинин конкреттүү механизмдеринин, экономиканы өнүктүрүүнүн жана элдин бакубаттыгына жетүүнүн реалдуу келечегинин жоктугу, коррупциянын өсүшү бул окуяларга себеп болду.

Элдик толкундоо ушул жылдын 4-октябрында болуп өткөн Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоонун жыйынтыктарын жокко чыгарууга, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн башчысынын, Президентинин кызматтан кетүүсүнө, ошондой эле конституциялык реформаларды жүргүзүүнүн, андан соң жаңы эрежелер боюнча мамлекеттик институттарды түзүүнүн зарылчылыгына жана шексиздигине алып келди.

Ушуга байланыштуу, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынын тобу тарабынан референдумду дайындоо жөнүндө мыйзам долбоору демилге кылынгандыгын көңүлгө алып, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 65 жана 68-беренелерин жетекчиликке алып, **токтом кылам:**

1. Конституциялык кеңешме тиркемеге ылайык курамда түзүлсүн.

2. Конституциялык кеңешме конституциялык түзүлүштүн негиздерин өркүндөтүүнүн; адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин; мамлекеттик бийлик системасынын; мамлекеттик бийликтин бутактарынын ортосундагы ыйгарым укуктарды оптималдаштыруунун жана чектөөнүн концепциясын, ошондой эле жогоруда аталган багыттардан келип чыгуучу башка маселелерди талкуулоону жүргүзсүн, анын жыйынтыгы боюнча "Кыргыз Республикасынын Конституциясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбоору тууралуу сунуштарды Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине киргизсин.

3. Конституциялык кеңешме макулдашылган маселелер боюнча кеңешменин ишинин жүрүшүн жалпыга маалымдоо каражаттарында мезгил-мезгили менен чагылдыруу уюштурсун.

4. Конституциялык кеңешме өз ишин Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын имаратында өткөрөт деп белгиленсин.

Конституциялык кеңешменин катчылыгынын функциялары Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жүктөлсүн.

5. Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы Конституциялык кеңешмеге иштөө үчүн тийиштүү жай, ал эми анын мүчөлөрүнө имаратка кирүүгө мүмкүндүк берсин.

6. Конституциялык кеңешменин ишин уюштуруучулук, усулдук, материалдык-техникалык жана башка жагынан камсыз кылуу тийиштүү бөлүгүндө Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жана Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Өкмөтүнүн Иш башкармасына жүктөлсүн.

7. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Аппаратынын жана Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынын басма сөз-кызматтары Конституциялык кеңешменин ишин жалпыга маалымдоо каражаттарында кеңири чагылдыруу камсыз кылсын.

8. Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасынын орун басары М.И. Бакировго жана Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынын Жетекчисине жүктөлсүн.

9. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын
Президентинин милдеттерин аткаруучу,
Кыргыз Республикасынын
Жогорку Кеңешинин Төрагасы Т.МАМЫТОВ

Бишкек ш., 2020-жылдын 20-ноябры, ПЖ №45

Тиркеме

КОНСТИТУЦИЯЛЫК КЕҢЕШМЕНИН КУРАМЫ

Борубашев Бекбосун Ишенбекович – Б.Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин эл аралык жана конституциялык укук кафедрасынын башчысы, юридика илимдеринин доктору, тарых илимдеринин кандидаты, профессор, Конституциялык кеңешменин төрагасы, **Керезбеков Канат Керезбекович** – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты, «КСДП» фракциясы, Конституциялык кеңешменин төрагасынын орун басары, **Тогусаков Осмон Асанкулович** – вице-президент, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын мүчө-корреспонденти, Конституциялык кеңешменин төрагасынын орун басары, **Абдраимов Абсалам** – жергиликтүү өз алдынча башкаруу боюнча эксперт, **Автандилова Сайкал Молдошевна** – Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Академиясынын мамлекеттик-укук сабактары кафедрасынын доценти, юридика илимдеринин кандидаты, **Айдаров Салайдин Абдираевич** – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты, «Кыргызстан» фракциясы, **Акматалиев Абдылдажан Амантурович** – Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын коомдук илимдер бөлүмүнүн төрагасы, академик, **Алиев Медер Кубанычевич** – көз карандысыз эксперт, **Алимбеков Нурбек Каарыевич** – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты, «Кыргызстан» фракциясы, **Алымбеков Кеңешбек Асанкожоевич** – М.Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университетинин профессору, техника илимдеринин доктору, **Аманалиев Урмат Олжобекович** – Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясынын профессору, юридика илимдеринин доктору, **Арабаев Автандил Анисович** – Жалал-Абад мамлекеттик университетинин юридикалык факультетинин деканы, юридика илимдеринин доктору, профессор, **Арабаев Чолпонкул Исаевич** – Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Саясий изилдөөлөр жана экспертизалар борборунун директору, мүчө-корреспондент, **Аркабаев Нооманжан Акматович** – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин экс-депутаты, **Асанканов Абылабек Асанканович** – Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Тарых, археология жана этнология институтунун директору, мүчө-корреспондент, **Атабеков Бөкөнбай** – коомдук ишмер, **Ашыралиев Кемель** – коомдук ишмер, **Баетов Батыркул Исаевич** – Н.Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетинин профессору, экономика илимдеринин доктору, **Байжиев Мар Ташиевич** – Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын академиги, Кыргыз Республикасынын эл жазуучусу, **Байсалов Эдиль Жолдубаевич** – Кыргыз Республикасынын Улуу Британия жана Түндүк Ирландия Бириккен Королдугундагы атайын жана ыйгарым укуктуу элчиси, **Бардинова Нуржан Арзыкуловна** – Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин статс-катчысы, **Бокоев Кенжебек Сатымкулович** – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты, «Республика – Ата Журт» фракциясы, **Бокоев Жаныбек Абдраевич** – Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин профессору, юридика илимдеринин кандидаты, **Болтобаева Венера Мурзаевна** – «ЛАРК талдоо изилдөөлөрүнүн борбору» КФ директору, **Ботоева Чынара Кычийевна** – Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Академиясынын мамлекеттик-укуктук сабактар кафедрасынын начальниги, юридика илимдеринин доктору, доцент, **Джайылов Жумабек Сатаевич** – Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин профессору, экономика илимдеринин доктору, **Джаманкулов Марат Тургунбаевич** – Кыргыз Республикасынын юстиция министри, **Джураев Абубакир Мухтарович** – Б.Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин дизайн жана архитектуранын математикалык негиздери кафедрасынын башчысы, физика-математика илимдеринин доктору, профессор, **Естебесов Адыл Жээнбекович** – Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын укуктук камсыздоо бөлүмүнүн башчысынын орун басары, **Жапаров Акылбек Усенбекович** – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты, «Бир Бол» фракциясы, **Жапаров Турдубек Турдалиевич** – Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясынын доценти, экономика илимдеринин доктору, **Жунус уулу Адыл** – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты, «Республика – Ата Журт» фракциясы, **Зулушев Курманкул Токторалыевич** – Кыргыз Республикасынын Башкы прокурору, **Ибраев Байтемир Карыпбекович** – Кыргыз Республикасынын экс-Башкы прокурору, **Иминов Махамаджан Саитович** – Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынын укуктук жактан камсыз кылуу бөлүмүнүн башчысы, **Исаков Эсенгул Байдалиевич** – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин экс-депутаты, **Исмаилов Нурлан Асанович** – «Ататүрк – Ала-Тоо» эл аралык университетинин юриспруденция кафедрасынын башчысы, юридика илимдеринин кандидаты, доцент, **Исманов Таалайбек Кадырович** – «Кыргызстан эл аралык университети» окуу-илимий өндүрүштүк комплексинин Мультимедиалык аралыктан окутуу институтунун доценти, юридика илимдеринин доктору, **Кадыралиев Алмаз Токтобекович** – М.Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университетинин доценти, экономика илимдеринин кандидаты, **Кайыпов Марат Таштанович** – коомдук ишмер, **Калиева Гүлбара Утюровна** – Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрагасы, **Карашев Аалы Азимович** – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты, «КСДП» фракциясы, **Кенжебаев Байгазы Бобунович** – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты, «Кыргызстан» фракциясы, **Койчуманова Чолпон Урушбековна** – Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Борбордук Азиядагы гуманитардык изилдөөлөр борборунун жетекчиси, тарых илимдеринин доктору, профессор, **Кошалиев Кадыр Амиракулович** – журналист, коомдук ишмер, **Курманкожоев Улугбек Мукамбаевич** – Россия эл достугу университетинин юриспруденция багыты боюнча магистри, **Курманов Данияр Кубанычбекович** – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Аппаратынан юридикалык бөлүмүнүн башчысы, **Кыдыралиев Сыргак Капарович** – Борбордук Азиядагы Америка университетинин доценти, физика-математика илимдеринин кандидаты, **Кыдыралиев Умбеталы Токторалиевич** – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты, «Республика – Ата Журт» фракциясы, **Летова Ирина Витальевна** – көз карандысыз эксперт, **Малабаев Болот Нурбаевич** – Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин юридика факультетинин докторанты, **Мамасаидов Алимардонбек Махаммаджанович** – адвокат, юридика илимдеринин кандидаты, **Маматалиев Марлен Абдырахманович** – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты, «Республика – Ата Журт» фракциясы, **Маматкеримова Гүлмира Рысбековна** – көз карандысыз эксперт, **Мамытов Токон Болотбекович** – Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмен), **Молдобекова Гулкан Сакиновна** – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты, «КСДП» фракциясы, **Мукасов Ысманалы Мукасович** – Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Улуттук жана чет элдик философиясы бөлүмүнүн башчысы, мүчө-корреспондент, **Мураталиев Мелис Казакбаевич** – «Бакдөөлөт» фондунун жетекчиси, **Мусаев Сыртбай Жолдошович** – И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин манас таануу жана лингвистика институтунун директору, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын мүчө-корреспонденти, филология илимдеринин доктору, профессор, **Мутуев Нурдин Аманканович** – журналист, коомдук ишмер, **Нурматов Темирбек Асанович** – Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин Дипломатиялык академиясынын эл аралык мамилелер жана укук кафедрасынын доценти, юридика илимдеринин кандидаты, **Омурзаков Аманбай Токторович** – «Фонд Регистр» ЖЧКсынын башкы директору, **Орозбаев Бектурган** – Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкаруулар бирлигинин директорунун орун басары, **Осмоналиев Каныбек Осмоналиевич** – физика-математика илимдеринин доктору, **Примов Улан Бердибаевич** – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты, «КСДП» фракциясы, **Райымкулов Бактыбек Кемелбекович** – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты, «Республика – Ата Журт» фракциясы, **Райымкулов Билим Сардалбекович** – Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Адвокаттар кеңешинин төрагасы, **Салиев Бахтияр Усманович** – Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттигинин директору, **Саралаев Нур Керимкулович** – Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Философия, укук жана социалдык-саясий изилдөөлөр институтунун директору, философия илимдеринин доктору, **Сарыбаев Асанбек Мукашевич** – коомдук ишмер, **Сманалиев Кынат Мойнокович** – Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин юридикалык факультетинин деканы, юридика илимдеринин доктору, профессор, **Сооданбеков Жумагул** – коомдук ишмер, академик, **Сыдыгалиев Нурбек Омурбекович** – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты, «Ата Мекен» фракциясы, **Сыдыкова Лейла Чынтургановна** – Б.Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин проректору, юридика илимдеринин доктору, **Сырдыбаев Нурлан Муратбаевич** – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты, «Өнүгүү-Прогресс» фракциясы, **Токсонбаев Болот Темирбекович** – М.Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университетинин доценти, экономика илимдеринин доктору, **Токтобаев Болот Токтомышевич** – Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин теория жана мамлекеттин тарыхы жана укук кафедрасынын башчысы, юридика илимдеринин доктору, **Торалиев Садирдин** – коомдук ишмер, **Турсунбаева Назира Сартбаевна** – Б.Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин эл аралык жана конституциялык укук кафедрасынын доценти, юридика илимдеринин кандидаты, **Турсунбек Акун** – Кыргыз Республикасынын экс-Акыйкатчысы (Омбудсмен), **Турусбеков Бактыбек Сагындыкович** – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты, «Бир Бол» фракциясы, **Турускулов Жыргалбек Күрүчбекович** – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты, «Республика – Ата Журт» фракциясы, **Чакиев Максат Жолдошбекович** – Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин ардактуу профессору, **Шайымбетов Казыбек Орозакунович** – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин экс-депутаты, **Шамшиев Улан Насирдинович** – көз карандысыз эксперт, **Шерипов Нурлан Турганбекович** – юридика илимдеринин доктору, профессор, конституционалист, **Эргешов Зайырбек Жолчуевич** – Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясынын экс-директору, **Эсеналиев Эркин Шаршенбекович** – коомдук ишмер, **Юсуров Абдумажит Лезезович** – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты, «Өнүгүү-Прогресс» фракциясы.

АТАЙЫН ПРЕВЕНТИВДҮҮ ЖАНА КЕСЕПЕТТЕРДИ ЖОЮУ ИШ-ЧАРАЛАРЫН ЖҮРГҮЗҮҮ ТАРТИБИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН

ТОКТОМУ

"Жарандык коргонуу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-беренесинин 22^{1}-пунктун ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү **токтом кылат:**

1. Атайын превентивдүү жана кесепеттерди жоюу иш-чараларын жүргүзүү тартиби тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Премьер-министр С.ЖАПАРОВ

Бишкек шаары, 2020-жылдын 13-ноябры, №555

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭМГЕК ЖАНА СОЦИАЛДЫК ӨНҮКТҮРҮҮ МИНИСТРЛИГИНИН АЛДЫНДАГЫ "КӨНДҮМДӨРДҮ ӨНҮКТҮРҮҮ ФОНДУ" МЕКЕМЕСИН ТҮЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын жарандарынын иш менен камсыз болуусун, ишканаларынын өндүрүмдүүлүгүн жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу, ошондой эле 2017-жылдын 13-декабрындагы Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Азия өнүктүрүү банкынын ортосундагы Гранттык макулдашууга (№0552-KGZ-SF) ылайык кабыл алынган милдеттенмелерди аткаруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин алдындагы "Көндүмдөрдү өнүктүрүү фонду" мекемеси түзүлсүн.

2. Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин алдындагы "Көндүмдөрдү өнүктүрүү фонду" мекемесинин уставы 1-киркемеге ылайык бекитилсин.

3. Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлиги белгиленген тартипте ушул токтомдон келип чыгуучу зарыл чараларды көрсүн.

4. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 6-апрелиндеги №197 "Мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген жана мамлекеттик мекемелерде, анын ичинде аткаруучу бийликтин мамлекеттик органдарынын карамагындагы мекемелерде иштеген кызматкерлердин эмгегине акы төлөөнүн шарттары жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 1-пунктунун экинчи абзацындагы "23^{3}" деген цифралар "23^{4}" деген цифралар менен алмаштырылсын;

2) ушул токтомдун 2-киркемесине ылайык редакциядагы 23^{4}-киркеме менен толуктасын.

5. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 28-декабрындагы №888 "Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин маселелери жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин башкаруу схемасы төмөнкүдөй мазмундагы позиция менен толуктасын:

"

Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин алдындагы "Көндүмдөрдү өнүктүрүү фонду" мекемеси

".

6. Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Өкмөтүнүн Иш башкармасы Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин алдындагы "Көндүмдөрдү өнүктүрүү фонду" мекемесинин иштөөсү үчүн коммуналдык жана эксплуатациялык чыгымдарды төлөө шарттарында жай берсин.

7. Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлиги Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин алдындагы "Көндүмдөрдү өнүктүрүү фонду" мекемесинин ишин каржылоону тиешелүү жылга карата бекитилген каражаттардын чегинде жүргүзсүн.

8. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети жумуш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

9. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын социалдык өнүктүрүү бөлүмүнө жүктөлсүн.

Премьер-министр **С.ЖАПАРОВ**

Бишкек шаары,
2020-жылдын 13-ноябры, №550

2021-ЖЫЛЫ 10-ЯНВАРДА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИН МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ШАЙЛООДО КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЧЕГИНЕН ТЫШКАРЫ ДОБУШ БЕРҮҮНҮ УЮШТУРУУ МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

ТОКТОМУ

2021-жылдын 10-январындагы Кыргыз Республикасынын Президентин мөөнөтүнөн мурда шайлоодо Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жашаган жана жүргөн Кыргыз Республикасынын жарандарынын шайлоо укуктарын жүзөгө ашыруусу камсыз кылуу максатында, «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 2, 13-беренелерине, «Кыргыз Республикасынын Президентин мөөнөтүнөн мурда шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2020-жылдын 24-октябрындагы №263 токтомуна ылайык, «Кыргыз Республикасында шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-беренесин, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2020-жылдын 26-июнундагы №120 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын аймагынан тышкары жашаган же жүргөн жарандардын шайлоо укуктарын жүзөгө ашыруусу камсыз кылуу жөнүндө» Жобону жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин 2020-жылдын 20-ноябрындагы №13-025/11769 жана Бишкек аймактык шайлоо комиссиясынын 2020-жылдын 17-ноябрындагы №814 сунуштарынын негизинде, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президентин мөөнөтүнөн мурда шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө жумшалуучу бюджеттик каражаттарды акыл-эстүүлүк менен пайдалануу максатында, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. 2021-жылы 10-январда Кыргыз Республикасынын Президентин мөөнөтүнөн мурда шайлоодо Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жерлерде добуш берүүнү уюштуруу үчүн 1-киркемеге ылайык 45 (кырк беш) шайлоо участогу түзүлсүн.

2. Бишкек аймактык шайлоо комиссиясы 2020-жылдын 4-октябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары түзүлгөн участкалык шайлоо комиссияларын 2021-жылдын 10-январындагы Кыргыз Республикасынын Президентин мөөнөтүнөн мурда шайлоого бекитсин.

3. Бул токтом Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги жана Бишкек аймактык шайлоо комиссиясына жөнөтүлсүн.

4. Бул токтом «Эркин Тоо» газетасында жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтында жарыялансын.

5. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары А.Эшимовго жүктөлсүн.

ТӨРАГА **Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

Бишкек ш., 2020-жылдын 20-ноябры, №370

Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2020-жылдын 20-ноябрындагы №370 токтомуна 1-киркеме

2021-жылы 10-январда Кыргыз Республикасынын Президентин мөөнөтүнөн мурда шайлоодо Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жерлерде добуш берүүнү уюштуруу үчүн түзүлгөн шайлоо участкаларынын тизмеси

	№ УШК	Чет өлкөдөгү мекеме	Дареги	Электрондук дареги
1. 2. 3.	9001 9005 9015	Россия Федерациясындагы КР Элчилиги	ш., Большая Ордынка көч., 64.	kgembassy.ru@mfa.gov.kg
4.	9009	Екатерингбург шаарындагы КРнын Башкы консулдугу	Екатеринбург ш., Щорс көч., 54а, 5-офис.	kgconsulate.ekb@mfa.gov.kg
5.	9010	Новосибирск шаарындагы КРнын Башкы консулдугу	Новосибирск ш., Крылова көч., 64/1.	kgconsulate.sib@mfa.gov.kg
6.	9002	КРнын РФдагы Элчилигинин Санкт-Петербург шаарындагы Кеңсеси	Санкт-Петербург ш., Чехов көч., д 14 б лит А., 2Нм	konsul_kr_spb@mail.ru
7.	9004	КРнын РФдагы Элчилигинин Владивосток шаарындагы Кеңсеси	Владивосток ш., Алеутская көч., 15 “В”, 402-офис.	consulvl@mail.ru
8.	9003	КРнын РФдагы Элчилигинин Красноярск шаарындагы Кеңсеси	Красноярск ш., Мир просп. 132.	kgkrasnoyarsk@mail.ru
9.	9022	КРнын Украинадагы Элчилиги	Киев ш., Печерский р-ну, Редутный көч., №19/34.	kgembassy.ua@mfa.gov.kg
10.	9023	КРнын Беларусь Республикасындагы Элчилиги	Минск ш., Старовиленская көч., 57.	kgembassy.by@mfa.gov.kg
11.	9028	КРнын Казакстан Республикасындагы Элчилиги	Нур-Султан ш., Дипломатиялык шаарчасы В-5, Кунаева көч., 1.	kgembassy.kz@mfa.gov.kg
12.	9027	Алматы шаарындагы КР Башкы консулдугу	Алматы ш., Луганского көч., 30 "А".	kgconsulate.almaty@mfa.gov.kg
13.	9025	КРнын Өзбекстан Республикасындагы Элчилиги	Ташкент ш., Мирзо -Улугбек р-ну, Ниёзбекйули көч., 30-үй.	kgembassy.uz@mfa.gov.kg
14.	9024	КРнын Тажикстан Республикасындагы Элчилиги	Душанбе ш., Саид Носиров көч., 56 а.	kgembassy.tj@mfa.gov.kg
15.	9011	КРнын Түркмөнстандагы Элчилиги	Ашхабат ш., Гарашсызлык-шаелы көч., 17-үй.	kgembassy.tm@mfa.gov.kg
16.	9012	КРнын Азербайжан Республикасындагы Элчилиги	Баку ш., Башира Сафарли көч. № 133 («SatPlaza» Бизнес борбору, 16-этаж)	kgembassy.az@mfa.gov.kg
17.	9034	КРнын АКШ жана Канададагы Элчилиги	2360 Massachusetts Avenue, NW, Washington D.C. 20008.	kgembassy.usa@mfa.gov.kg
18.	9038	КРнын Улуу Британия жана Түндүк Ирландия Бириккен Королдугундагы Элчилиги	Ascot House, 119 Crawford str., London, W1U 6BJ	kgembassy. uk@mfa.gov.kg
19.	9039	КРнын Швейцария Конфедерациясындагы Элчилиги	AvenueBlanc 51, 1202 Geneve	kgembassy.cn@mfa.gov.kg
20.	9037	КРнын Бельгия Королдугундагы Элчилиги	Rue de l`Abbaye 47, 1050 Bruxelles	kgembassy.be@mfa.gov.kg
21.	9032	КРнын Австрия Республикасындагы Элчилиги	Invalidenstrasse 3/8, 1030 Wien	kgembassy.at@mfa.gov.kg
22.	9029	КРнын Германия Федеративдүү Республикасындагы Элчилиги (Берлин ш.)	Otto-Suhr-Allee 146, 10585 Berlin.	kgconsulate.berlin@mfa.gov.kg
23.	9030	КРнын Франкфурт/Майн шаарындагы Консулдук агенттиги	Broennerstrasse 20, 60313 Frankfurt am Main.	kgconsulate.frankfurt@mfa.gov.kg
24.	9031	КРнын Элчилигинин Бонн шаарындагы бөлүмү	Aennchenstrasse 61, 53177 Bonn.	kgconsulate.bonn@mfa.gov.kg
25.	9036	КРнын Түркия Республикасындагы Элчилиги	Turan Gunes Bulvari, Galip Erdemcaddesi 25, Yildiz/Oran, Ankara 06450.	kgembassy.tr@mfa.gov.kg
26.	9035	КРнын Стамбул шаарындагы Башкы консулдугу	Lamartin Caddesi No:7, Taksim, 34437 Beyoglu, Istanbul.	kgconsulate.istanbul@mfa.gov.kg
27.	9040	КРнын Кытай Эл Республикасындагы Элчилиги	г.Пекин, 10/11 King’s Villas 18, Xiaun Road, 100016 г.	kgembassy.cn@mfa.gov.kg
28.	9041	КРнын Гуанчжоу шаарындагы Башкы консулдугу	Гуанчжоу ш., Тяньхэ району, Тяньхэ көч., 228, Гуаншэн имараты к. 707.	kgconsulate.guangzhou@mfa.gov.kg
29.	9019	КРнын Япониядагы Элчилиги	108-0073, Токио ш., Минато-ку, 1-5-7 Мита.	kgembassy.jp@mfa.gov.kg
30.	9042	КРнын Корея Республикасындагы Элчилиги	г. Сеул, Йонгсан-гу, Собинг-го-ро 91 лагиль 16-10 (Донгбингго-донг 28-17).	kgembassy.kr@mfa.gov.kg
31.	9008	КРнын Индия Республикасындагы Элчилиги	Д 2/2, Васант Вихар, г.Нью-Дели 110057.	kgembassy.in@mfa.gov.kg
32.	9048	КРнын Малайзиядагы Элчилиги	10-й этаж, WismaSinHeapLee, 346 JalanTunRazak, 50400 г.Куала-Лумпур.	kgembassy.my@mfa.gov.kg
33.	9045	КРнын Сауд Арабия Падышачылыгындагы Элчилиги	6575 Amr Al Damri Street - Assafarat Dist. RIYADH 12511 - 3562 Kingdom of Saudi Arabia	kgembassy.sa@mfa.gov.kg
34.	9046	КРнын Кувейт Мамлекетиндеги Элчилиги	Кувейт, район Сурра, Блок 6, 13-я улица, Вилла -34.	kgembassy.kw@mfa.gov.kg
35.	9050	КРнын Катар мамлекетиндеги Элчилиги	г.Доха, Лежбайлат-64, Вилла №7, ул. №963.	kgembassy.qa@mfa.gov.kg
36.	9051	Бириккен Араб Эмираттарындагы Элчилиги, Абу-Даби ш.	Bayn Al Jesrain, Villa 5, Qaryat Al BeriАбу-Даби.	kgembassy.ae@mfa.gov.kg
37.	9044	КРнын Дубай шаарындагы Башкы консулдугу	Дубай шаары, Дейра, Ригга р-ну, Аль Бутеен, Грин Тауэр имараты, №302 офис.	kgconsulate.dubai@mfa.gov.kg
38.	9043	Кыргыз Республикасынын Иран Ислам Республикасындагы Элчилиги	Тегеран шаары, Пасдаран / Наренжестан көчөсү 5, № 24 үй	kgembassy.ir@mfa.gov.kg
39.	9049	Кыргыз Республикасынын Пакистан Ислам Республикасындагы Элчилиги	Исламабад ш. №12, 33 көч. F-8/1 сектору	kgembassy.pk@mfa.gov.kg
40.	9007	КРнын РФдагы Элчилигинин Иркутск шаарындагы Кеңсеси	Иркутск	kgirkutsk@mfa.gov.kg
41.	9006	КРнын РФдагы Элчилигинин Якутск шаарындагы Кеңсеси	Якутск ш., г. Якутск ул. Пояркова, 4 көч., 58	kgyakutsk@mfa.gov.kg
42.	9013	КРнын РФдагы Элчилигинин Южно-Сахалинск шаарындагы Кеңсеси	Южно-Сахалинск ш., Мира прос. 2б/5	kgysakhalinsk@mfa.gov.kg
43.	9014	КРнын РФдагы Элчилигинин Сургут шаарындагы Кеңсеси	Сургут ш., Югорский тракт, д. 1	kgsurgut@mfa.gov.kg
44.	9033	КРнын Италиядагы Элчилиги	Рим ш., via Clitunno 2, 00198 Roma	kgembassy.it@mfa.gov.kg
45.	9047	КРнын Франция Республикасындагы Элчилиги	Париж, 49, rue de Bellechasse 75007 Paris	kgembassy.fr@mfa.gov.kg

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН КЫЗМАТ ОРДУНА ТАЛАПКЕР ТОЛЬБАЕВ БАБЫРЖАН ЛАТИХАНОВИЧТИН ЫЙГАРЫМ УКУКТУУ ӨКҮЛДӨРҮН КАТТОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна өзүн-өзү көрсөтүү тартибинде көрсөтүлгөн талапкер Б.Л.Тольбаевдин ыйгарым укуктуу өкүлдөрүн каттоо жөнүндө 2020-жылдын 16-ноябрында кир. №01-06/3344 түшкөн арызына байланыштуу, «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 19-беренесинин, «Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2, 19-пункттарын, 18-беренесинин 3-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер Б.Л. Тольбаевдин шайлоо маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү болуп Хамзеева Асель Туратбековна катталсын.

2. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер Б.Л.Тольбаевдин каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү болуп Пак Анна Борисовна катталсын.

3. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер Б.Л.Тольбаевдин катталган ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнө бекитилген үлгүдөгү каттоо ырастамалар берилсин.

4. Бул токтом «Эркин Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

5. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары, Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкерлердин документтерин кабыл алуу боюнча Жумушчу топтун жетекчиси А.Ж.Эшимовго жүктөлсүн.

ТӨРАГА **Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

Бишкек ш., 2020-жылдын 18-ноябры, №354

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН КЫЗМАТ ОРДУНА ТАЛАПКЕР ТУКУНОВ АКЖОЛТОЙ ШАКИРБЕКОВИЧТИН ЫЙГАРЫМ УКУКТУУ ӨКҮЛДӨРҮН КАТТОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна өзүн-өзү көрсөтүү тартибинде көрсөтүлгөн талапкер А.Ш.Тукуновдун ыйгарым укуктуу өкүлдөрүн каттоо жөнүндө 2020-жылдын 16-ноябрында кир. №01-06/3351 түшкөн арызына байланыштуу, «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 19-беренесинин, «Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2, 19-пункттарын, 18-беренесинин 3-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер А.Ш.Тукуновдун шайлоо маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү болуп Жакшылыков Руслан Шайыкбекович катталсын.

2. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер А.Ш.Тукуновдун каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү болуп Кудайберген уулу Тилекмат катталсын.

3. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер А.Ш.Тукуновдун катталган ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнө бекитилген үлгүдөгү каттоо ырастамалар берилсин.

4. Бул токтом «Эркин Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

5. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары, Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкерлердин документтерин кабыл алуу боюнча Жумушчу топтун жетекчиси А.Ж.Эшимовго жүктөлсүн.

ТӨРАГА **Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

Бишкек ш., 2020-жылдын 18-ноябры, №355

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН КЫЗМАТ ОРДУНА ТАЛАПКЕР ЭННАЗАРОВ САНЖАРБЕК АРЗЫКУЛОВИЧТИН ЫЙГАРЫМ УКУКТУУ ӨКҮЛДӨРҮН КАТТОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна өзүн-өзү көрсөтүү тартибинде көрсөтүлгөн талапкер С.А.Энназаровдун ыйгарым укуктуу өкүлдөрүн каттоо жөнүндө 2020-жылдын 16-ноябрында кир. №01-06/3357 түшкөн арызына байланыштуу, «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 19-беренесинин, «Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2, 19-пункттарын, 18-беренесинин 3-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер С.А.Энназаровдун шайлоо маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү болуп Арзыкулов Азатбек Мирланович катталсын.

2. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер С.А.Энназаровдун каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү болуп Кадыралиева Назгуль Таалайбековна катталсын.

3. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер С.А.Энназаровдун катталган ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнө бекитилген үлгүдөгү каттоо ырастамалар берилсин.

4. Бул токтом «Эркин Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

5. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары, Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкерлердин документтерин кабыл алуу боюнча Жумушчу топтун жетекчиси А.Ж.Эшимовго жүктөлсүн.

ТӨРАГА **Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

Бишкек ш., 2020-жылдын 18-ноябры, №356

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН КЫЗМАТ ОРДУНА ТАЛАПКЕР ЭСЕНБЕКОВ АЗАМАТ ЭСЕНБЕКОВИЧТИН ЫЙГАРЫМ УКУКТУУ ӨКҮЛДӨРҮН КАТТОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна өзүн-өзү көрсөтүү тартибинде көрсөтүлгөн талапкер А.Э.Эсенбековдун ыйгарым укуктуу өкүлдөрүн каттоо жөнүндө 2020-жылдын 17-ноябрында кир. №01-06/3369 түшкөн арызына байланыштуу, «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 19-беренесинин, «Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2, 19-пункттарын, 18-беренесинин 3-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер А.Э.Эсенбековдун шайлоо маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү болуп Укубаев Улан Токтоналиевич катталсын.

2. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер А.Э.Эсенбековдун каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү болуп Турдакунова Венера Жолдошовна катталсын.

3. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер А.Э.Эсенбековдун катталган ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнө бекитилген үлгүдөгү каттоо ырастамалар берилсин.

4. Бул токтом «Эркин Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

5. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары, Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкерлердин документтерин кабыл алуу боюнча Жумушчу топтун жетекчиси А.Ж.Эшимовго жүктөлсүн.

ТӨРАГА **Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

Бишкек ш., 2020-жылдын 18-ноябры, №357

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН КЫЗМАТ ОРДУНА ТАЛАПКЕР БАКИР УУЛУ ТУРСУНБАЙДЫН ЫЙГАРЫМ УКУКТУУ ӨКҮЛДӨРҮН КАТТОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна өзүн-өзү көрсөтүү тартибинде көрсөтүлгөн талапкер Бакир уулу Турсунбайдын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүн каттоо жөнүндө 2020-жылдын 18-ноябрында кир. №01-06/3373 түшкөн арызына байланыштуу, «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 19-беренесинин, «Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2, 19-пункттарын, 18-беренесинин 3-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер Бакир уулу Турсунбайдын шайлоо маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү болуп Алымкулов Аскар Арсланбекович катталсын.

2. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер Бакир уулу Турсунбайдын каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү болуп Джаналиев Улан Кадырбекович катталсын.

3. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер Бакир уулу Турсунбайдын катталган ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнө бекитилген үлгүдөгү каттоо ырастамалар берилсин.

4. Бул токтом «Эркин Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

5. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары, Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкерлердин документтерин кабыл алуу боюнча Жумушчу топтун жетекчиси А.Ж.Эшимовго жүктөлсүн.

ТӨРАГА **Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

Бишкек ш., 2020-жылдын 1-ноябры, №360

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРИНИН КЭЭ БИР ДЕПУТАТТАРЫНЫН ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫН МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ТОКТОТУУ ЖАНА БОШ КАЛГАН ДЕПУТАТТЫК МАНДАТТАРДЫ ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРДИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕРЛЕРГЕ ӨТКӨРҮП БЕРҮҮ ЖӨНҮНДӨГҮ ТҮП, ТОКМОК, КАДАМЖАЙ, АРАВАН ЖАНА КАРА-СУУ АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯЛАРЫНЫН ЧЕЧИМДЕРИН БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

ТОКТОМУ

«Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 20-беренесине, «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесине жана «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесине ылайык Түп, Токмок, Кадамжай, Араван жана Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиялары жергиликтүү кеңештердин кээ бир депутаттарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жана бош калган депутаттык мандаттарды шайланган депутаттардан кийинки талапкерлерге өткөрүп берүү жөнүндө чечимдерди кабыл алышкан.

«Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6, 7, 14, 18-беренелерине, «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесине жана «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Түп, Токмок, Кадамжай, Араван жана Кара-Суу аймактык шайлоо комиссияларынын жергиликтүү кеңештердин 1-тиркемеде көрсөтүлгөн депутаттарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу боюнча чечимдери бекитилсин.

2. Түп, Кадамжай, Араван жана Кара-Суу аймактык шайлоо комиссияларынын 2-тиркемеде көрсөтүлгөн бош калган депутаттык мандаттарды шайланган депутаттардан кийинки талапкерлерге өткөрүп берүү жөнүндө чечимдери бекитилсин.

3. Жергиликтүү кеңештердин 1-тиркемеде көрсөтүлгөн депутаттарынын күбөлүктөрү, ушул токтом жарыяланган күндөн тартып, жараксыз деп таанылсын.

4. Түп, Кадамжай, Араван жана Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиялары жергиликтүү кеңештердин шайланган депутаттарын каттасын жана аларга белгиленген үлгүдөгү күбөлүктөрдү жана төш белгилерди тапшырсын.

5. Бул токтом «Эркин Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

6. Бул токтомдун көчүрмөсү тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясына жана жергиликтүү кеңешке жөнөтүлсүн.

7. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары А.Г.Бекматовго жүктөлсүн.

ТӨРАГА **Н. ШАЙЛДАБЕКОВА**

Бишкек ш., 2020-жылдын 19-ноябры, №359

ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУНУН ЖАЛАЛ-АБАД ШААРЫНЫН МЭРИН ЖАНА СУЗАК РАЙОНУНУН КӨК-АРТ АЙЫЛ ӨКМӨТҮНҮН БАШЧЫСЫН КАЙРА ШАЙЛООНУ ДАЙЫНДОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2020-жылдын 29-октябрындагы №277 токтому менен 2020-жылдын 17-ноябрына дайындалган Жалал-Абад облусунун Жалал-Абад шаарынын мэрин шайлоодо 1 талапкер катталган, катталган талапкер шайлоого катышуудан баш тартуу жөнүндө арызын жазып берген.

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2020-жылдын 31-октябрындагы №280 токтому менен 2020-жылдын 18-ноябрына дайындалган Жалал-Абад облусунун Сузак районунун Көк-Арт айыл өкмөтүнүн башчысын шайлоо кворумдун жоктугунан өткөн жок.

«Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6, 7, 14, 18-беренелерине, «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 43, 49-беренелерине, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2017-жылдын 6-январындагы №3 токтому менен бекитилген «Шаардын мэрин шайлоо тартиби жөнүндө» жана «Айыл өкмөтүнүн башчысын шайлоонун тартиби жөнүндө» Жоболоруна ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Жалал-Абад облусунун Жалал-Абад шаарынын мэрин жаңы талапкерлерди көрсөтүү менен кайра шайлоо 2020-жылдын 3-декабрына дайындалсын жана саат 9.00дөн 12.00гө чейин өткөрүлсүн.

2. Жалал-Абад облусунун Сузак районунун Көк-Арт айыл өкмөтүнүн башчысын мурда каттоодон өткөн талапкерлер менен кайра шайлоо 2020-жылдын 3-декабрына дайындалсын жана саат 9.00дөн 12.00гө чейин өткөрүлсүн.

3. Жалал-Абад жана Сузак аймактык шайлоо комиссиялары шайлоону Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жана Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2020-жылдын 11-майындагы №244 токтому менен бекитилген санитардык-эпидемиологиялык эрежелеринин сакталышы менен өткөрүүнү уюштурсун.

4. Бул токтом «Эркин Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

5. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары А.Бекматовго жүктөлсүн.

ТӨРАГА **Н. ШАЙЛДАБЕКОВА**

Бишкек ш., 2020-жылдын 19-ноябры, №358

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2020-жылдын 19-ноябрындагы №359 токтомунун 1-тиркемеси

Депутаттык ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын тизмеси

№	Жергиликтүү кеңештердин аталыштары	Депутаттык ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын Ф.А.А.	Ыйгарым укугунун токтотулушунун себеби	Депутаттын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу боюнча АШКнын чечиминин № жана датасы
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ				
Түп району				
1	Арал айылдык	Аштыкбаев Нурбек Бейшенович	Өз арызы	№35, 11.11.2020-ж.
ЧҮЙ ОБЛУСУ				
Токмок шаары				
2	Токмок шаардык	Исманов Самат Жекшеналиевич (№37) («Республика-Ата Журт» деп. фракциясы)	Өз арызы	№37, 02.11.2020-ж.
БАТКЕН ОБЛУСУ				
Кадамжай району				
3	Марказ айылдык	Абдирашитов Жаркынали Аскарович	Өз арызы	№22, 9.11.2020-ж.
ОШ ОБЛУСУ				
Араван району				
4	С. Юсупов айылдык	Моминова Кандалатхон Жоробаевна	Каза болгонуна байланыштуу	№26, 16.11.2020-ж.
		Хомидов Кобилжон Юлчиевич	Каза болгонуна байланыштуу	№26, 16.11.2020-ж.
Кара-Суу району				
5	Отуз-Адыр айылдык	Аликулов Таалайбек Абдырзакович	Өз арызы	№57, 16.11.2020-ж.
6	Жоош айылдык	Джанторoев Бакытбек Ахмедович	Каза болгонуна байланыштуу	№58, 16.11.2020-ж.
		Жакыпов Памирбек	Каза болгонуна байланыштуу	№59, 16.11.2020-ж.

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2020-жылдын 19-ноябрындагы №359 токтомунун 2-тиркемеси

Жергиликтүү кеңештердин шайланган депутаттары деп таанылган талапкерлердин тизмеси

№	Жергиликтүү кеңештердин аталыштары	Жергиликтүү кеңештин кийинки шайланган депутатынын Ф.А.А.	Иштеген жери, ээлеген кызматы	Бош калган депутаттык мандатты ыйгаруу боюнча АШКнын чечими
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ				
Түп району				
1	Арал айылдык	Исаев Сапарбек Уркасымович	Дарыгер-педиатр	№36, 11.11.2020-ж.
БАТКЕН ОБЛУСУ				
Кадамжай району				
2	Марказ айылдык	Шерматов Акматали Маматысакович	Кароолчу	№23, 9.11.2020-ж
ОШ ОБЛУСУ				
Араван району				
3	С. Юсупов айылдык	Маннанов Бобир Абдукахарович	«Обид Файз» ЖЧКнын директору	№26, 16.11.2020-ж.
		Козибаев Хотамжон Абдумаликович	«Президент» дыйкан чарбасынын мүчөсү	№26, 16.11.2020-ж.
Кара-Суу району				
4	Отуз-Адыр айылдык	Кожомбердиев Таалайбек Усеналиевич	Убактылуу иштебейт	№57, 16.11.2020-ж.
5	Жоош айылдык	Сулайманов Данияр Каныбекович	«Асфальт-Бетон Групп» ЖЧКнын директору	№58, 16.11.2020-ж.
		Мамасалиев Төлөгөн Абдималикович	«Кыргыз Телеком» ААКнын Ош областтык филиалынын инженери	№59, 16.11.2020-ж.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН КЫЗМАТ ОРДУНА ТАЛАПКЕР КЕРИМБЕКОВ БАКЫТ МАКЕНОВИЧТИН ЫЙГАРЫМ УКУКТУУ ӨКҮЛДӨРҮН КАТТОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна өзүн-өзү көрсөтүү тартибинде көрсөтүлгөн талапкер Б.М.Керимбековдун ыйгарым укуктуу өкүлдөрүн каттоо жөнүндө 2020-жылдын 19-ноябрында кир. №01-12/3401 түшкөн арызына байланыштуу, «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 19-беренесинин, «Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2, 19-пункттарын, 18-беренесинин 3-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер Б.М.Керимбековдун шайлоо маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү болуп Океналев Абакир Максутбекович катталсын.

2. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер Б.М.Керимбековдун каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү болуп Журенков Василий Анатольевич катталсын.

3. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер Б.М.Керимбековдун катталган ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнө бекитилген үлгүдөгү каттоо ырастамалар берилсин.

4. Бул токтом «Эркин Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

5. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары, Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкерлердин документтерин кабыл алуу боюнча Жумушчу топтун жетекчиси А.Ж.Эшимовго жүктөлсүн.

ТӨРАГА **Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

Бишкек ш., 2020-жылдын 19-ноябры, №361

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН КЫЗМАТ ОРДУНА ТАЛАПКЕР ОРМУКОВ ТЕМИРЛАН ИНИЯТОВИЧТИН ЫЙГАРЫМ УКУКТУУ ӨКҮЛДӨРҮН КАТТОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна өзүн-өзү көрсөтүү тартибинде көрсөтүлгөн талапкер Т.И.Ормуковдун ыйгарым укуктуу өкүлдөрүн каттоо жөнүндө 2020-жылдын 18-ноябрында кир. №01-06/3386 түшкөн арызына байланыштуу, «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 19-беренесинин, «Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2, 19-пункттарын, 18-беренесинин 3-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер Т.И.Ормуковдун шайлоо маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү болуп Чонтоев Саламат Орозбаевич катталсын.

2. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер Т.И.Ормуковдун каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү болуп Босумбаев Урматбек Калыбекович катталсын.

3. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер Т.И.Ормуковдун катталган ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнө бекитилген үлгүдөгү каттоо ырастамалар берилсин.

4. Бул токтом «Эркин Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

5. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары, Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкерлердин документтерин кабыл алуу боюнча Жумушчу топтун жетекчиси А.Ж.Эшимовго жүктөлсүн.

ТӨРАГА **Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

Бишкек ш., 2020-жылдын 19-ноябры, №362

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН КЫЗМАТ ОРДУНА ТАЛАПКЕР ТОКТОГУЛОВ ЕРБОЛ БЕКИНОВИЧТИН ЫЙГАРЫМ УКУКТУУ ӨКҮЛДӨРҮН КАТТОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна өзүн-өзү көрсөтүү тартибинде көрсөтүлгөн талапкер Е.Б.Токтогуловдун ыйгарым укуктуу өкүлдөрүн каттоо жөнүндө 2020-жылдын 18-ноябрында кир. №01-06/3372 түшкөн арызына байланыштуу, «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 19-беренесинин, «Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2, 19-пункттарын, 18-беренесинин 3-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер Е.Б.Токтогуловдун шайлоо маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү болуп Турдумалиев Кайрат Сазыкбаевич катталсын.

2. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер Е.Б.Токтогуловдун каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү болуп Токтогулова Жылдыз Бекиновна катталсын.

3. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер Е.Б.Токтогуловдун катталган ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнө бекитилген үлгүдөгү каттоо ырастамалар берилсин.

4. Бул токтом «Эркин Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

5. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары, Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкерлердин документтерин кабыл алуу боюнча Жумушчу топтун жетекчиси А.Ж.Эшимовго жүктөлсүн.

ТӨРАГА **Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

Бишкек ш., 2020-жылдын 19-ноябры, №363

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН КЫЗМАТ ОРДУНА ТАЛАПКЕР ЭРКЕТАЕВ АЙБЕК ШАРАБИДИНОВИЧТИН ЫЙГАРЫМ УКУКТУУ ӨКҮЛДӨРҮН КАТТОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна өзүн-өзү көрсөтүү тартибинде көрсөтүлгөн талапкер А.Ш.Эркетаевдин ыйгарым укуктуу өкүлдөрүн каттоо жөнүндө 2020-жылдын 19-ноябрында кир. №01-06/3400 түшкөн арызына байланыштуу, «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 19-беренесинин, «Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2, 19-пункттарын, 18-беренесинин 3-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер А.Ш.Эркетаевдин шайлоо маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү болуп Эркетаева Нургуль Шараббидиновна катталсын.

2. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер А.Ш.Эркетаевдин каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү болуп Байтулакова Гулия Элебаевна катталсын.

3. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер А.Ш.Эркетаевдин катталган ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнө бекитилген үлгүдөгү каттоо ырастамалар берилсин.

4. Бул токтом «Эркин Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

5. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары, Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкерлердин документтерин кабыл алуу боюнча Жумушчу топтун жетекчиси А.Ж.Эшимовго жүктөлсүн.

ТӨРАГА **Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

Бишкек ш., 2020-жылдын 19-ноябры, №364

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН КЫЗМАТ ОРДУНА ТАЛАПКЕР ТОКТОСУНОВ КУБАНЫЧБЕК АБДЫШЕВИЧТИН ЫЙГАРЫМ УКУКТУУ ӨКҮЛДӨРҮН КАТТОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна өзүн-өзү көрсөтүү тартибинде көрсөтүлгөн талапкер К.А.Токтосуновдун ыйгарым укуктуу өкүлдөрүн каттоо жөнүндө 2020-жылдын 19-ноябрында кир. №01-12/3417 түшкөн арызына байланыштуу, «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 19-беренесинин, «Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2, 19-пункттарын, 18-беренесинин 3-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер К.А.Токтосуновдун шайлоо маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү болуп Талантбеков Данияр Талантбекович катталсын.

2. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер К.А.Токтосуновдун каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү болуп Акулуев Бекбол Кемелович катталсын.

3. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер К.А.Токтосуновдун катталган ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнө бекитилген үлгүдөгү каттоо ырастамалар берилсин.

4. Бул токтом «Эркин Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

5. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары, Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкерлердин документтерин кабыл алуу боюнча Жумушчу топтун жетекчиси А.Ж.Эшимовго жүктөлсүн.

ТӨРАГА **Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

Бишкек ш., 2020-жылдын 20-ноябры, №368

мамлекеттик расмий гезити Эркин Too

Ата мекендик өндүрүшкө кеңири жол

Сүйүндүк КАДЫРОВ:

“КЫРГЫЗСТАН СҮТ АЗЫКТАРЫ МЕНЕН ЧЕТ МАМЛЕКЕТТЕРГЕ ТААНЫЛСА БОЛОТ”

«Кант-Сүт» ишканасынын сүт азыктарынын рынокто өз орду бар. Быштагын, сүтүн, айранын, майын мактаган кардарлардын катарында мен да бармын. Тамак-аш коопсуздугу стандартынан сырткары халал стандартына ээ. Кызыгып заводго бардым. Адистердин жардамы менен сүттү кабыл алуудан тарта, идиштерге куюу иштерине чейин күбө болдум. Заводго тазалоо, бөлүү, уютуу, жөнөтүү, көбөйтүү жана башка иш ыргактарын ар бир адис так аткарат. Ага жараша айлыктары да жогору. Заман агымына жараша изденүү, окутуулардан өткөрүү, экспортко чыгаруу, сүт бизнеси тууралуу «Кант-Сүт» компаниясынын негиздөөчүсү Сүйүндүк Кадыров кеңири айтып берди.

- Сүйүндүк Кадырович, «Кант-Сүт» заводунун «Белая река» соода маркасындагы сүт азыктары рынокто кеңири орун алды. Ишкананын ишмердүүлүгүнө токтолсоңуз.

- Кезинде 20-25 адам иштеген цех башка сүт өндүрүүчү ишканага тиешелүү эле. Тагыраагы, бул ишкана сүт топтоочу милдетти аткарып келген. Бизге чейин казеин, май чыгарып, козеинди Германияга сатышчу. 2007-жылдан тарта малдан өндүрүлгөн продуктылар Европага кандайдыр бир тоскоолдуктардан кийин өтпөй калган. «Кант-Сүт» заводун 2008-жылы колубузга алгандан тарта коюлтулган сүттү коштук. Мында өндүрүлгөн казеинге суроо-талап болгон менен сатыкка чыгара албай, ишкананын багытын өзгөртүп, сүттү экспортко чыгарууну колго алдык. Тазаланган сүттүн 80-90%ы Казакстанга экспортко чыгып турду. 2010-жылы элдик толкундоолордон улам жабылып, бир катар кыйынчылыктарды башыбыздан кечирдик. Өндүрүшү жүрүп турган ишкананы элдик толкундоо, революция артка тартат. Анын кесепети бизге тийбей койбойт. Чет элдик кардарлар менен макулдашып, иштеше баштаганда эле жабылып калабыз. Кардарларга да туруктуу иштеген ишканалар керек. 2010-жылдардан тарта сүт заводун ийне-жибине чейин өзгөртүүгө кадам таштадык.

Бажы биримдигине кошулуп, кеңири жол ачылган менен атаандаштарыбыз көбөйдү. Казакстанда теңгенин, рублдин куну түшүп, сүт азыктарын экспортко чыгара албай кыйынчылыктарга тушуктук. Өнүгүүнүн агымына түшпөсөк, артта калчудайбыз. Бизнесте саат сайын изденүү керек. Замандын талабына жараша Европа, Украинага чыгып, ал жактан консультанттар менен иштештик. Кийинчерээк Литва, Польшадагы консультанттар сүт азыктарын даярдоо боюнча окутуп, көрсөтүп, тажрыйбаларын үйрөтүштү. Кудайга шүгүр, бүгүн сүт азыктарынын 60-70 түрүн чыгарабыз.

- Сүт кайсыл райондордон алынат жана фермерлер менен кандай иштейсиздер?

- Панфилов районунан Кемин районуна чейинки аралыктан сүт чогултулат. Ар бир 50-60 километр сайын сүт топтоочу жай уюшулган. Фермерлерден чогулган сүттү топтоочу жайларда муздатып, «Кант-Сүт» ишканасына алып келет. Заводдо сүт тазаланып, кайсыл продукцияга жараса, тиешелүүлүгүнө жараша сүт азыктары даярдалат. Эгерде сүт жетпесе Ысык-Көл облусунан да чогултулат. Сүттүн майлуулугу эле эмес, белогу, микробиологиясы сүт тазабы, суу кошулган жокпу текшерүүнүн негизинде алынып, майлуулугуна жараша баасы да көтөрүлөт.

Сүттүн көлөмү жайында көбөйүп, кышында азаят. Жайкысын көбөйгөндө заводдор сүттү иштете албай, сүт азыктарынын өндүрүмдүүлүгү түшүп кетчү. Ошондуктан Караколдо жана Кара-Балтада кургак сүт өндүрүүчү 2 завод курдук. Эки заводдо кургак сүт өндүрүлүп, дыйкан-фермерлер сүтүн оңой жана жакшы баага сатып калышты. Кургак сүттүн нукура экенине ишенбегендер да бар. Ал кадимки сүттөн дайындалат. Бөлүнгөн көк сүт 200-220 градус жогорку ысыктыкта кургатылып, кургак сүт алынат. Кезинде жайкы сүт алынбай, фермерлер сүт өндүрүүгө кызыкпай калышкан. Заводдор иштегенден тарта эл сүт өндүрүүгө кызыкдар боло баштады. Ал тургай бир үй-бүлөнү камсыздаган кичи бизнеске айланды. Эл ирилешкен заводдор менен келишим түзүп иштөөсүнүн негизинде сүттүн сапаты артылып, көлөмү көтөрүлүп жатат.

Күнүнө 3 тоннага чейин сүт өткөргөн дыйкандар менен келишим түзүп, аларга сапаттуу тоют даярдап берүүнү максат кылуудабыз. Канчалык сапаттуу тоют берилсе, сүттүн майлуулугу артат. Кыргызстанда 1 кг чөптүн баасы 15-17 сом болсо, силос, сенаждыкы 1-2 сомдон. Ачытылган чөптү жайкысын даярдап, кышында фермерлерге арзан баада берсек деген ойдомун.

Мурун сүттү үй-бүлөлүк күнүмдүк киреше катары кабылдашса, азыр сүттү тонналап өткөрүп бизнеске айландыргандар бар. Чүйдө малды эт, сүт багытында бөлүп караган 10дон ашуун кичи чарбалар пайда болду. Мындай чарбалар Караколдо, Таласта да бар. Дыйкандар жерди иштетип, күздү күтпөстөн, сүттү арбытуунун жолун издегендер көбөйдү. Бир уйдан 5 литр сүттү саап алып жүргөндөр күнүнө 20 литр сүт алууну ойлоно башташты. Тоютту туура тандап алышса, кирешелүү бизнес. Эл айыл чарбасы кирешелүү тармак экенин түшүнүштү. Себеби, жумасына колуна накталай акча алышат. Сүт багытындагы асыл тукум уйду көбөйтүп, туура тамактандырса, туура селекция кылса, ветеринариясы каралса натыйжалуу болот. Буга эл көбүрөөк көңүл буруп жатканы мамлекетке да, ишканага да, өздөрүнө да жакшы.

- Рынокко өтүмдүү, жогорку стандарттагы продукцияларды өндүрүүдө алдыңкы тажрыйбаларды үйрөнүүнүн маанеси чоң эмеспи? Кайсыл өлкөнүн тажрыйбаларын үйрөндүңүздөр?

- Ооба, ишканада иштегендер JIKA программасынын негизинде сүт азыгын кайра иштетүү боюнча Япониядан эки жолу окуп, стажировкадан өтүшкөн. Эл аралык донорлорго долбоор жазып, Европадан тажрыйбадан өттүк. Алгачкы окуубуз кайдзен методу болду. Тагыраагы, кайдзен япон тилинен алганда пландаштыр, жаса, текшер, аны жакшырт деп акырындык менен үйрөтөт. Кантип деңгээлин көтөрүү, көлөмүн көбөйтүү жолдорун көрсөттү. Ага чейин өз деңгээлибизге жараша иштеп, убакыттан уттуруп, чыгымды көп кетирдик. Кийинки кадамда ХАССП системасын, тагыраагы, тамак-аш коопсуздугун сактоону камсыздоого үйрөндүк. Азыктын сапаты артса ишиң жүрөт. Сапатсыз сүт азыгына кардар келбейт. Ошентип сапатты жакшыртуунун жолдорун окутту.

Ар бир жетекчини жылына компаниядан каражат бөлүп окутабыз. Атайын окутуп турбасак, дүйнөдө күн сайын ноу-хау технологиялар жаңыланат. Мындан артта калсаң зыян тартып каласың. Ар күн сайын окуп, өнүгүүнүн агымы менен болбой артта калсаң бизнесиң артка кетет. Рыноктун талабы – күнүгө изден, оку, артта калба. Ошон үчүн жетекчилер окуп келип, бизде иштегендерге үйрөтөт. Атайын окутуучу класстар, адистер бар. Заводдо ар бир адам эмне ишти аткараары, эмнеге жооп берээри да так бөлүнгөн. Мындагы адистер бөлүнгөн участогуна так жооп беришет. Бизде эптеп сүт азыктарын өндүрүү эмес, “кудай таалам көрүп турат” деген сезим менен жумушуңа, акка туура мамиле кыл деген чөйрө түзүлгөн. Тамак-аш коопсуздугунан сырткары халал стандартын карманабыз. Халалдын өзүнүн талаптары бар. Этикетинде жазылган стандарт ичинде да сакталышы керек. Кардарлардын көбөйгөнүн сүт азыктарындагы халал стандартынын сакталгандыгы шарттады. Сыр, кефир, йогурт уюткулары да адалдап союлган малдын карын биртигинен даярдалган. Максатыбыз – элге таза, нукура продукт чыгаруу.

- Өкмөт кайра иштетүү ишканаларын колдоо саясатын жүргүзүп келет. Сиздерге колдоо катары жеңилдиктерди сездиңиздерби?

- Европада электр энергиясы, көмүр, газ кымбат болгон менен алар акыркы үлгүдөгү технология менен иштешет. Маселен, чет өлкөдө сүттүн курамындагы сууну бөлүүнү, сүттү коюлтууну мембран фильтри аткарат. А биз сүттү бышырып, сапырып, аралаштыруу методу менен иштейбиз. Эгер 3 жарым тонна буу сарптасак, алар 600 кг буу колдонушат. Европада өндүрүлгөн 1 кг сүт азыктарынын баасы Кыргызстандагыдай эле. Бирок, аларда сүттүн да, жумушчу күчүнүн да баасы кымбат. А бизде жумушчу күчү арзан. Өлкөдө сүттүн баасы жогорулап, Европаныкына теңелүүгө аз калды.

Мисалы, энергия сарптообуз Европага караганда арзан болгону менен кошуна мамлекеттерге салыштырмалуу кымбат. Казакстан менен салыштырсак электр энергиябыз бирдей, көмүр эки эсе, газ үч эсе арзан. Сүт азыктарын кайра иштетүүдө электр энергиясына, көмүргө, газга чыгым көп кетет.

Мамлекет биринчи кезекте айыл чарба азыктарын өндүргөн ири мекемелерге жеңилдик берип, ыгы жок текшерүүлөрдү токтотуп, колдоосу зарыл. Ишкананы өнүгүүгө багыттап, аны ирилештирүүгө мамлекеттик деңгээлде жеңилдетүүлөр берилсе туура болмок. Учурда 1 тонналык буу казандарды 4 тонналык буу казандарына чоңойтуудабыз. Мындай ирилештирүүдө тоскоолдуктар кездешип, убакыттын көбүн алат. Адистер менен макулдашып, кайра чийдирткенге жарым жылдан бир жылга чейинки убакыт кетет. Тагыраагы, иш кагаздары убакытты алып коёт. Ушул сыяктуу көйгөйлөрдү жеңилдетип багыттарды беришсе, Кыргызстандагы ишканалар канчалаган адамдарды жумуш орундары менен камсыздамак. Өндүрүш көлөмүн көбөйтүү мамлекеттин берген жеңилдиктерине көз каранды. Мисалы, электр энергиясын пайдалануда Өкмөт бизге окшогон кайра иштетүү ишканаларына кандайдыр бир жеңилдиктерди караса дейбиз. Биз Өкмөттөн “Жайында сүт заводу электр энергиясын көбүрөөк пайдаланса, арзандаткыла же кышында эл катары бергиле. Болбосо жайында түнкүсүн колдонолу, баасын арзандаткыла”, - деп сурап жатабыз.

- Ишканага инвесторлорду тартууда кыйынчылык жаралбайбы?

- Чынында инвесторлор менен иштөө дипломатияны, өлкөдөгү туруктуулукту талап кылат. Алар жабдыктарын эле эмес, орнотуу, программалоо сыяктуу иштерин да сатат. Учурда консультанттарды Польшадан алып келе албай жатабыз. Бир жагынан COVID-19 оорусу күч алса, экинчиден, саясий толкундоолордун кедергиси тийүүдө. Сүт ишканасы сыяктуу башка өндүрүштүк ишканалардын иштери да артка кетти. Россиядан, Кытайдан келе турган жабдыктарыбыз да токтоп турат.

Россия-Кыргыз өнүктүрүү фондунун көмөгү менен Польшадан Орто Азия боюнча эң алдыңкы сыр өндүрүүчү жабдыкты алып келдик. Бирок ишке киргизе албай турабыз. Аны толугу менен ишке киргизип беришмек. Буга баягы эле өлкөдөгү кырдаал таасирин тийгизди.

- Экспортко чыгарууда кайсыл өлкөлөр менен иштешесиздер?

- Кара-Балтадагы заводдо май, кургак жана коюлтулган сүт чыгарылат. Завод иштетүүчү көлөм 150 тонна. Элден ушунча көлөмдөгү сүттү чогултууга мүмкүнчүлүк бар. “Кант-Сүт” заводунда өндүрүлгөн продукция табигый, нукура таза болгондуктан баасы кымбатына карабай кардарлар колдонушат. Кеп баасында эмес, өндүрүлгөн продукциянын сапатында. Сүт азыктары Россияга, Казакстанга, Тажикстанга, Өзбекстандын рынокторуна чыгып жатат. Россиянын ири шаарлары Новосибирск, Барнаул, Воронеж, Архангельск, Москвага жеткирилет. Сатып алуучулар заводго келип, бардык стандартка, талаптарга жооп берээрин көрүшөт. ХАССП, ISO -22 стандарттары кагаз жүзүндө эле эмес, иш жүзүндө киргизилгенине ишенгенден кийин экспортко чыгарууга келишим түзүшөт.

Кургак сүт чыгарылган ишканада гана май чыгарылат. Ар бир ишкананын багыты бар. Заводдо өндүрүлгөн азыктар адистештирилип, өзүнчө багыттарга бөлүнгөн. Багыттарга бөлүүнү Европага барганда окуп, үйрөндүк. Тагыраагы, бир адам бир эле жумушту күнүгө жасаса, сапаттуу аткарат. Сапаттуу май Кара-Балта, Каракол шаарларында өндүрүлөт. Анткени ал жерде кургак сүт чыгарабыз. “Кант-Сүттө” кефир, йогурт, быштактын түрлөрү жасалат. Караколдо чыгарылган кургак сүт, сыр, май экспортко кетет. Сүт бизнесинде бир ишкана менен кармалып турбайсың. Анткени, биринчи күнү ишкананын продукциясынын баасы түшсө, экинчи күнү башкасы түшөт. Заводдор бирин-бири толуктап, бир комплексте кармалат. Маселен, кургак сүттүн баасы ылдыйлап ишкананын пайдалуулугу азайса, башка сүт азыгын көбөйтөбүз. Бир продуктыны күнүгө өндүрүп, зыян тартпаш үчүн дайыма рынокту изилдейбиз. Сүт бизнесинин көзүн табууга көбүрөөк убакыт, эмгек талап кылынат.

Өткөн жылга караганда сүт азыктарын экспортко чыгаруунун көлөмү 11%дан 14%га дейре көбөйдү. Көлөмдүн көбөйгөнү сүттү кайра иштеткен ишканалар үчүн жакшы көрсөткүч. Өлкөдө туруктуулук болуп, кардарлардын бизге болгон ишеними жогоруласа, Кыргызстан сүт азыктары менен чет мамлекеттерге таанылса болот.

Асел БАРЫКТАБАСОВА

Иш башталды

КОНСТИТУЦИЯЛЫК КЕҢЕШМЕ АР БИР ЖАРАНДЫН СУНУШУН УГУУГА ДАЯР

Жума күнү Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясында Конституциялык кеңешменин алгачкы жыйыны болуп өттү.

Конституциялык кеңешменин жыйынын ачкан Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппарат жетекчиси Сүйүнбек Касмамбетов ушул жылдын 5-6-октябрындагы окуялар саясий жана экономикалык системанын туруксуздугунан улам болгондугун белгилеп өттү. Бул элдик толкундоолор ушул жылдын 4-октябрында болуп өткөн парламенттик шайлоонун жыйынтыктарын жокко чыгарууга, президент менен өкмөт башчысынын кызматтан кетүүсүнө, ошондой эле конституциялык реформаларды жүргүзүүгө, жаңы эрежелер боюнча мамлекеттик институттарды элдин талабына ылайык түзүү зарылчылыгына алып келгенин кошумчалады.

Жыйында кеңешменин курамына кирген коомдук-саясий жана илимий чөйрөнүн сексенден ашуун өкүлдөрү өз ой-пикирлерин, сунуштарын айтышты. Конституциялык жыйындын төрагалыгына Б.Ельцин атындагы Кыргыз-Орус Славян университетинин эл аралык жана конституциялык укук кафедрасынын башчысы, юридика илимдеринин доктору Бекбосун Бөрүбашев дайындалган. Ал акыркы убактарда Конституциянын жаңы долбоору кабыл алынса, бир адамдын диктатурасы орнойт деген негизсиз сөздөр көп айтылып жаткандыгына токтолду. “Бизге партиялардын диктатурасы эчак орногон. Алар Ак үйдөн тартып айыл өкмөттөрүнө чейин бөлүп алышкан. Конституциялык түзүлүштүн негизги принциби эл бийлиги болушу керек. Кыргызстанда демократия жетиштүү дегендер жаңылышат. Мисалы, элдин 3 пайызы бай, ал эми 97 пайызы кедей болгону демократия эмес. Ошондуктан, Конституциялык түзүлүштүн ар тармактуу негиздерин ушул жерде олтурган адистер тактап беришиңиздер керек. Бул татаал маселе”, - деди. Ошондой эле жаңы долбоордун негизинде Президенттик башкаруу формасына бара жаткандыгыбызды ачык айтуу менен учурда иштеп жаткан Баш мыйзамдын кемчиликтерин сынга алды. “2010-жылы орнотулган башкаруу системасы дүйнөдө жок. Ошол үчүн “кыргыз парламентаризми” деп тырмакча-га алып коюшкан. Баш мыйзамдын 4-беренесинин 4-пунктун карасаңыздар, мамлекеттик мекемелерде, муниципалитеттерде саясий партиялар түзүлбөсүн, иштебесин деп жазылып турат. Мына Жогорку Кеңеш мамлекеттик мекеме, Бишкек шаардык кеңеши муниципалдык мекеме болгонуна карабай партиялар иштеп жатпайбы. Демек, өзүбүз Баш мыйзамга каршы иштерди жүргүзүүдөбүз”, - деген Б. Бөрүбашев сындап жаткандарга жооп берүү үчүн так иштөө талабын койду. Президенттик башкаруу системасынын негизинде жашап жаткан башка мамлекеттердин жакшы тажрыйбасын алуу менен өзүбүздүн менталитетти да эстен чыгарбоо зарылдыгын кошумчалады.

Азыркы иштеп жаткан Конституция президенттик да эмес, парламенттик да эмес ортодогу аралаш система экендигин айткан Кыргыз Республикасынын мурдагы Акыйкатчысы Турсунбек Акун: “Жаңы долбоорду үч күн карадым. Эгер бул ишке кирсе күчтүү президент, күчтүү парламентке алып барат. Биринчи жолу Кыргызстандын тарыхында президент боло турган адам аткаруу бийлигин өзүнө алганы жатат. Бул чоң жоопкерчилик. Буга чейин бир дагы президент аткаруу бийлигин өз мойнуна алган эмес. Ошол үчүн 33 премьер-министр алмашып жатат. Эгерде президент аткаруу бийлигинин башында турса, аны бир дагы парламент кетире албайт. Улам-улам премьер-министр алмашпайт”, - деди. Кээ бир саясатчылар “чү” дегенде эле жаңы долбоорду шыбап киришкендигин, алдыда өтө турган талкууларга ошол “сынчыларды” активдүү катышууга чакырып кетти.

Коомдук ишмер Садирдин Торалиев учурда мамлекеттик башкаруу системасы катуу талаш-тартышка түшүп тургандыгын кадыресе көрүнүш катары баалады. “Жогорку Кеңештин депутаттары, азыркы Конституцияны жазгандар, майлуу-сүттүү жерге көнүп алгандар парламенттик башкарууну жактап жатышат. Негизи биздин өлкөгө президенттик башкаруу ылайыктуу болоор эле. Үч революциянын болушуна так ушул парламенттик система күнөөлүү. Ушул убакка чейин президенттерди күнөөлөп жүрөбүз. Ошол президентке мыйзамдарды парламент кабыл алып берет. Парламенттин жоопкерчилиги кайда?!”, - деген суроону кабыргасынан койду.

Юридика илимдеринин доктору Таалайбек Исманов Баш мыйзамдын кынтыксыз болушу үчүн канчалык көп адам катышса, ошончолук майын чыгараар эле деген пикирин билдирди.

Конституциялык кеңешменин жүрүшүндө коомчулуктун аймактарга бөлүнүп-жарылуусуна бөгөт коюу үчүн “Вице-президент” институтун киргизүү сунуштары да айтылды. Ага кайчы пикирин айткан философия илимдеринин доктору Нур Саралаев “Вице-президент” институтун киргизүүнүн кажети жоктугун, регионализм, трайбализмди жоюу үчүн атайын беренелерди киргизүү гана жетиштүү болоорун белгиледи. Ага улай профессор Чолпон Койчуманова эгер адам укугун коргоо жаатына туура басым жасалса, жердешчиликке, аймакка бөлүнүү өзүнөн-өзү жоюлат деген пикирге токтолду.

КРнын юстиция министри Марат Жаманкулов Конституциялык кеңешменин курамын кеңейтүүгө мүмкүнчүлүк жоктугуна байланыштуу, ар бир жарандын ой-пикирин угууну виртуалдык аянтча менен чечсе болоорун айтты.

Кеңешменин мүчөлөрү жалпы жыйындан соң үч топко бөлүнүштү. Мындан ары мамлекеттик, Конституциялык түзүлүштүн негиздери; адам укуктары, эркиндиги жана милдеттери; мамлекеттик бийликтин органдары багытында иш алып барышат.

Жылдыз ДЫЙКАНОВА

“Чоң жыйырмалыктын” жыйыны

Пандемияны жеңүүнүн шарты – глобалдык тилектештик

Ушул дем алыш күндөрү – 21-22-ноябрда “Чоң жыйырмалыктын” (G20) коронавирус көйгөйүнө арналган юбилейлик 15-саммити онлайн режиминде өттү. Дүйнөлүк үлкөн өлкөлөрдүн лидерлери бул ирет Эр-Риядда эмес, ар кимиси өз резиденцияларында монитор алдында отуруп глобалдык маселени талкуулашты.



Саммитти ачкан Сауд Арабиясынын падышасы Сальман бен Абдель Азиз Аль Сауд: “Бул жыл өзгөчө болду – пандемия дүйнөгө экономикалык жана социалдык чоң жоготууларды алып келди, биз өз элдерибизди тынчытууга жана аларга үмүт арттыруга тийишпиз, биз кризистен эл аралык кызматташуу аркылуу чыгуу үчүн бардык күч-аракетибизди жумшайбыз. Биз келечекте мүмкүн болуучу пандемияларга өз экономикаларыбызды даярдашыбыз керек, чек араларыбызды ачалы, соодага жана адамдарга жардамдашалы”, - деп айтты. Ал мындан сыртка-ры, G20 саммити дүйнө элдеринин жүрөгүнө ишенимдүүлүк жана үмүт уялаткан саясатты иштеп чыгаарына ишенгендигин билдирип: “Биз коронавирустун вакцина-ларын жана дарылоо ыкмаларын табуу аракеттеригдеги жылыштарды көрүп көңүлүбүз көтөрүлүүдө. Вакциналардын арзандыгына жана адилет бөлүштүрүлүүсүнө жетишүү зарыл”, - деп кошумчалады.

Ал эми Европалык комиссиянын төрагасы Урсула фон дер Ляйен коронавирус пандемиясы менен күрөшүү боюнча глобалдык демилгеге каржылык колдоо көрсөтүүнү көбөйтүүгө чакырды. “Биз глобалдык тилектештигибизди далилдешибиз керек”, - деп айтты ал өз сөзүндө.

Франциянын Президенти Эммануэль Макрон коронавирустун вакцинасы 2020-жылдын аягына чейин даяр болооруна ишенип жаткандыгын билдирсе, Түркиянын Президенти Режеп Тайип Эрдоган республикада ишелип жаткан вакцинаны бүт дүйнөгө жеткиликтүү кылабыз деп билдирди. Ошондой эле ал: “Быйыл “жыйырмалыктын” мамлекеттери пандемиянын кесепеттерине каршы туруу үчүн бир катар чараларды кабыл алды. Атап айтканда Дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюмуна коронавирустун вакцинасын чыгарууну жана бөлүштүрүүнү колдоо максатында 21 миллиард доллар чегерүү чечими кабыл алынды. G20 өлкөлөрү мындан сырткары дүйнөлүк экономиканы калыбына келтирүүгө 11 триллион доллар бөлдү. Апрель айында “жыйырмалык” топ дүйнөнүн жакыр өлкөлөрүнө тышкы суверендүү карыздар боюнча төлөмдөрдү жыл аягына чейин токтотууга мүмкүндүк берди. Кирешеси төмөн 46дан кем эмес өлкө бул демилгени пайдаланышты”, - деп айтты.

“Жыйырмалыктын” ролуна баа берген Кытай Эл Республикасынын Төрагасы Си Цзиньпин коронавирус пандемиясы 2008-жылдагы глобалдык каржылык кризиске караганда алда канча олуттуу маселеге айлангандыгына токтолуп: “Аяктап бара жаткан жылда адамзат жүз жылдан берки миллиондон ашык адамдын өмүрүн алган олуттуу пандемияны башынан кечирүүдө. Дүйнөлүк экономика алсырады, коронавирус пандемиясынын таасири 2008-жылдагы дүйнөлүк каржылык кризистин кесепеттеринен да алда канча күчтүү болуп чыкты”, - деди.

“Чоң жыйырмалыктын” саммитинде Си Цзиньпиндин жасаган доклады “Пандемияга биргелешип каршы туруу, жалпы келечекти бирге түзүү” деп аталды.

Си Цзиньпин вакциналарды табуу боюнча жүргүзүлүп жаткан аракеттерге өзгөчө токтолуп, COVID-19дун вакцинасын бүт дүйнөгө жеткиликтүү кылуу менен Кытай өнүгүп келе жаткан өлкөлөргө колдоо жана жардам көрсөтүү боюнча өз милдеттенмелерин аткарат деп баса белгиледи.

Дүйнөлүк экономиканы калыбына келтирүү үчүн тосмолорду азайтуу керек деген Кытай лидери: “Тарифтерди жана тосмолорду төмөндөтүү зарыл, ошондой эле медициналык максаттагы базалык товарлар менен соода жүргүзүүнү либералдаштыруу мүмкүнчүлүгүн караштыруу керек. Биз саясаттарыбыз менен стандарттарыбызды мындан ары макулдашып туралы, ошондой эле адамдардын ары-бери жүрүүсү үчүн “экспресс-коридорлорду” түзөлү деген оюн билдирди. Ал ошондой эле жалпы таанымга ээ болгон эки деңгээлдүү коддун негизинде “ден соолук кодунун” бирдиктүү системасын калыптандырууга чакырды.

Айтымында, QR-код системасы Кытайдын ичинде ийгиликтүү иштеп жатат. Кытайда коронавируска тапшырган тесттердин негизинде ар бир адамга “кызыл”, “сары” жана “жашыл” QR-код берилет. Көптөгөн жерлерге баруу үчүн QR-коддун “жашыл” болушу шарт.

“Биз бул механизмге көбүрөөк өлкөлөр кошулаарына ишенебиз”, - деди Си Цзиньпин.

Айтымында, өз кыйынчылыктарына карабастан Кытай G20 тобунун тышкы карыздарды тейлөө боюнча милдеттенмелерди токтото туруу Демилгесинин шарттарын толук деңгээлде, 1,3 миллиард доллар көлөмүндө аткарууда. Кытай ошондой эле азык-түлүктүн ысырапкорчулугун кыскартуу боюнча ыңгайлуу учурда эл аралык конференция чакырууга ниеттенип жатат.

Коронавирус пандемиясы адамзат тарыхындагы эң ири кризистердин бири болуп калды, инфекция менен күрөш глобалдык башкаруунун кемчиликтерин ачыктады. Ошондуктан, постэпидемиялык мезгилден тарта G20 эл аралык тартипти жана глобалдык башкарууну жакшыртуу үчүн алда канча салмактуу жоопкерчиликти өзүнө алышы керек.

Атай АЛТЫМЫШЕВ

2020-ЖЫЛДЫН 18-НОЯБРДА ӨТКӨРҮЛГӨН ОШ ОБЛУСУНУН ӨЗГӨН РАЙОНУНУН АК-ЖАР АЙЫЛ ӨКМӨТҮНҮН БАШЧЫСЫН КАЙРА ШАЙЛООДОГУ ДОБУШ БЕРҮҮНҮН ЖЫЙЫНТЫГЫ ЖАНА ШАЙЛООНУН НАТЫЙЖАСЫ ТУУРАЛУУ ПРОТОКОЛДОРДУ БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

ТОКТОМУ

2020-жылдын 18-ноябрда Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2020-жылдын 4-ноябрындагы №291 токтому менен дайындалган Ош облусунун Өзгөн районунун Ак-Жар айыл өкмөтүнүн башчысын кайра шайлоо болуп өттү.

Ак-Жар айыл өкмөтүнүн башчысынын кызмат ордуна 1 талапкер –Максутов Кылычбек Замирович катталган, талапкер Ак-Жар айылдык кеңешинин депутаты Абдыкадырова Токтокан тарабынан сунушталган.

Өзгөн аймактык шайлоо комиссиясынын добуш берүүнүн жыйынтыгы жөнүндөгү 2020-жылдын 18-ноябрындагы протоколу менен Ак-Жар айылдык кеңешиндеги 21 депутаттын 20 депутаты катышып, К.З.Максутов - 16 добуш, «бардык талапкерлерге каршы» позициясына – 3 добуш берилгендиги белгиленген.

Өзгөн аймактык шайлоо комиссиясынын кайра шайлоонун натыйжасы жөнүндөгү 2020-жылдын 18-ноябрындагы протоколу менен Максутов Кылычбек Замирович Ак-Жар айыл өкмөтүнүн башчысы болуп шайлангандыгы аныкталган.

Ош облусунун Өзгөн районунун Ак-Жар айыл өкмөтүнүн башчысын кайра шайлоодогу добуш берүүнүн жыйынтыгына жана шайлоонун натыйжасына арыз, даттануулар түшкөн жок.

2020-жылдын 18-ноябрындагы Өзгөн аймактык шайлоо комиссиясынын Ак-Жар айыл өкмөтүнүн башчысын кайра шайлоодогу добуш берүүнүн жыйынтыгы жана шайлоонун натыйжасы тууралуу протоколдорунун негизинде, «Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6, 7, 18-беренелерине, «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 49-беренесине ылайык Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. 2020-жылдын 18-ноябрда өткөрүлгөн Ош облусунун Өзгөн районунун Ак-Жар айыл өкмөтүнүн башчысын кайра шайлоодогу добуш берүүнүн жыйынтыгы жана шайлоонун натыйжасы тууралуу Өзгөн аймактык шайлоо комиссиясынын 2020-жылдын 18-ноябрындагы протоколдору бекитилсин.

1.1. Ош облусунун Өзгөн районунун Ак-Жар айыл өкмөтүнүн башчысын кайра шайлоо өттү деп табылсын.

1.2. Максутов Кылычбек Замирович Ош облусунун Өзгөн районунун Ак-Жар айыл өкмөтүнүн башчысы болуп шайланды деп табылсын.

2. Өзгөн аймактык шайлоо комиссиясы Ак-Жар айыл өкмөтүнүн шайланган башчысына белгиленген үлгүдөгү күбөлүктү тапшырсын.

3. Бул токтом «Эркин Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

4. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары А.Г.Бекматовго жүктөлсүн.

ТӨРАГА **Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

Бишкек ш., 2020-жылдын 20-ноябры, №366

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН КЫЗМАТ ОРДУНА ТАЛАПКЕР АРСТАНБЕК МЫКТЫБЕКТИН ЫЙГАРЫМ УКУКТУУ ӨКҮЛДӨРҮН КАТТОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна өзүн-өзү көрсөтүү тартибинде көрсөтүлгөн талапкер Арстанбек Мыктыбектин ыйгарым укуктуу өкүлдөрүн каттоо жөнүндө 2020-жылдын 19-ноябрында кир. №01-12/3411 түшкөн арызына байланыштуу, «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 19-беренесинин, «Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2, 19-пункттарын, 18-беренесинин 3-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер Арстанбек Мыктыбектин шайлоо маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү болуп Шамшидин уулу Абдулхамид катталсын.

2. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер Арстанбек Мыктыбектин каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү болуп Ыманкулов Нышанбай Талантбекович катталсын.

3. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер Арстанбек Мыктыбектин катталган ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнө бекитилген үлгүдөгү каттоо ырастамалар берилсин.

4. Бул токтом «Эркин Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

5. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары, Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкерлердин документтерин кабыл алуу боюнча Жумушчу топтун жетекчиси А.Ж.Эшимовго жүктөлсүн.

ТӨРАГА **Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

Бишкек ш., 2020-жылдын 20-ноябры, №369

НООКАТ ЖАНА ЧОҢ-АЛАЙ АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯЛАРЫНЫН КУРАМДАРЫНА ЖАНА РЕЗЕРВДЕРИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

ТОКТОМУ

Ноокат аймактык шайлоо комиссиясынын резервинен чыгуу боюнча З.Абдуллаеванын арызынын, Чоң-Алай аймактык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү Ж.Ж.Адинаевдин, Ш.Э.Абдулдаевдин, К.П.Ташмаматовдун арыздарынын, М.А.Эндешовду Ноокат аймактык шайлоо комиссиясынын курамынан чыгаруу жөнүндө Ноокат аймактык шайлоо комиссиясынын сунушунун негизинде, “Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7, 18, 19, 22-беренелерине, “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 21-1-беренесинин 1-бөлүгүнүн 4-пунктуна, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2011-жылдын 18-октябрындагы №375 токтому менен бекитилген “Шайлоо комиссияларынын резервин түзүү жана жүргүзүү тартиби жөнүндө” Жобосуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Ош облусунун Ноокат аймактык шайлоо комиссиясынын курамына жана резервине төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

- “Бир Бол” Мамлекеттик биримдик жана мекенчилдик саясий партиясы саясий партиясынан көрсөтүлгөн Эндешов Марипжан Абдыкасымович комиссиянын курамынан чыгарылсын;
- “Бүтүн Кыргызстан” саясий партиясынан көрсөтүлгөн Абдуллаева Зулайка комиссиянын резервинен чыгарылсын;
- “Кыргызстан” саясий партиясынан көрсөтүлгөн Шапиев Улукбек Мурзабекович резервден комиссиянын курамына киргизилсин.

2. Ош облусунун Чоң-Алай аймактык шайлоо комиссиясынын курамына жана резервине төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

- жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан көрсөтүлгөн Адинаев Жамалидин Жетимишович, Абдулдаев Шарафидин Эсеналиевич, Ташматов Кубанычбек Парпиевич комиссиянын курамынан чыгарылсын;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан көрсөтүлгөн Абдибалиев Айбек Абдыкалыкович, Исираилов Бейшен Арпидинович, Шадыбек уулу Кудретилла резервден комиссиянын курамына киргизилсин.

3. Бул токтом “Эркин Тоо” газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

4. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары А.Г.Бекматовго жүктөлсүн.

ТӨРАГА **Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

Бишкек ш., 2020-жылдын 20-ноябры, №367

2020-ЖЫЛДЫН 17-НОЯБРЫНДА ӨТКӨРҮЛГӨН ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУНУН СУЗАК РАЙОНУНУН БАРПЫ АЙЫЛ ӨКМӨТҮНҮН БАШЧЫСЫН ШАЙЛООДОГУ ДОБУШ БЕРҮҮНҮН ЖЫЙЫНТЫГЫ ЖАНА ШАЙЛООНУН НАТЫЙЖАСЫ ТУУРАЛУУ ПРОТОКОЛДОРДУ БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

ТОКТОМУ

2020-жылдын 17-ноябрында Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2020-жылдын 31-октябрындагы №280 токтому менен дайындалган Жалал-Абад облусунун Сузак районунун Барпы айыл өкмөтүнүн башчысын шайлоо болуп өттү.

Барпы айыл өкмөтүнүн башчысынын кызмат ордуна 3 талапкер – Абдыкадиров Жунусали Джакыпалиевич, Гаипбердиев Салмоорбек Досумканович, Сайитбеков Нурлан Авийевич катталган, жергиликтүү кеңештин депутаттарынан сунушталган.

Сузак аймактык шайлоо комиссиясынын добуш берүүнүн жыйынтыгы жөнүндөгү 2020-жылдын 17-ноябрындагы протоколу менен Барпы айылдык кеңешиндеги 31 депутаттын 31 депутаты катышып, Абдыкадиров Жунусали Джакыпалиевич 19 добуш, Гаипбердиев Салмоорбек Досумканович 1 добуш, Сайитбеков Нурлан Авийевич 11 добуш алгандыгы белгиленген.

Сузак аймактык шайлоо комиссиясынын шайлоонун натыйжасы жөнүндөгү 2020-жылдын 17-ноябрындагы протоколу менен Абдыкадиров Жунусали Джакыпалиевич Барпы айыл өкмөтүнүн башчысы болуп шайлангандыгы аныкталган.

Жалал-Абад облусунун Сузак районунун Барпы айыл өкмөтүнүн башчысын шайлоодогу добуш берүүнүн жыйынтыгына жана шайлоонун натыйжасына арыз, даттануулар түшкөн жок.

Сузак аймактык шайлоо комиссиясынын Барпы айыл өкмөтүнүн башчысын шайлоодогу добуш берүүнүн жыйынтыгы жана шайлоонун натыйжасы тууралуу 2020-жылдын 17-ноябрындагы протоколдорунун негизинде, «Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6, 7, 18-беренелерине, «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 49-беренесине ылайык Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. 2020-жылдын 17-ноябрында өткөрүлгөн Жалал-Абад облусунун Сузак районунун Барпы айыл өкмөтүнүн башчысын шайлоодогу добуш берүүнүн жыйынтыгы жана шайлоонун натыйжасы тууралуу Сузак аймактык шайлоо комиссиясынын 2020-жылдын 17-ноябрындагы протоколдору бекитилсин.

1.1. Жалал-Абад облусунун Сузак районунун Барпы айыл өкмөтүнүн башчысын шайлоо өттү деп табылсын.

1.2. Абдыкадиров Жунусали Джакыпалиевич Жалал-Абад облусунун Сузак районунун Барпы айыл өкмөтүнүн башчысы болуп шайланды деп табылсын.

2. Сузак аймактык шайлоо комиссиясы Барпы айыл өкмөтүнүн шайланган башчысына белгиленген үлгүдөгү күбөлүктү тапшырсын.

3. Бул токтом «Эркин Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

4. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары А.Г.Бекматовго жүктөлсүн.

ТӨРАГА **Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

Бишкек ш., 2020-жылдын 21-ноябры, №371

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН КЫЗМАТ ОРДУНА ТАЛАПКЕР КАЛЫБЕКОВ МИРЛАН КАЛЫБЕКОВИЧТИН ЫЙГАРЫМ УКУКТУУ ӨКҮЛДӨРҮН КАТТОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна өзүн-өзү көрсөтүү тартибинде көрсөтүлгөн талапкер М.К.Калыбековдун ыйгарым укуктуу өкүлдөрүн каттоо жөнүндө 2020-жылдын 20-ноябрында кир. №01-12/3428 түшкөн арызына байланыштуу, «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 19-беренесинин, «Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2, 19-пункттарын, 18-беренесинин 3-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер М.К.Калыбековдун шайлоо маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү болуп Орозбаев Назарбек Эркинбекович катталсын.

2. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер М.К.Калыбековдун каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү болуп Иманкулов Кумар Кубанычбекович катталсын.

3. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер М.К.Калыбековдун катталган ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнө бекитилген үлгүдөгү каттоо ырастамалар берилсин.

4. Бул токтом «Эркин Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

5. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары, Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкерлердин документтерин кабыл алуу боюнча Жумушчу топтун жетекчиси А.Ж.Эшимовго жүктөлсүн.

ТӨРАГА **Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

Бишкек ш., 2020-жылдын 21-ноябры, №372

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН КЫЗМАТ ОРДУНА ТАЛАПКЕР КАМЧИЕВ ЖАМБЫЛБЕКТИН ЫЙГАРЫМ УКУКТУУ ӨКҮЛДӨРҮН КАТТОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна өзүн-өзү көрсөтүү тартибинде көрсөтүлгөн талапкер Ж.Камчиевдин ыйгарым укуктуу өкүлдөрүн каттоо жөнүндө 2020-жылдын 20-ноябрында кир. №01-12/3432 түшкөн арызына байланыштуу, «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 19-беренесинин, «Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2, 19-пункттарын, 18-беренесинин 3-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер Ж.Камчиевдин шайлоо маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү болуп Супатаев Съездбек Жумашевич катталсын.

2. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер Ж.Камчиевдин каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү болуп Шадыканов Бегалы Батыралиевич катталсын.

3. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер Ж.Камчиевдин катталган ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнө бекитилген үлгүдөгү каттоо ырастамалар берилсин.

4. Бул токтом «Эркин Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

5. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары, Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкерлердин документтерин кабыл алуу боюнча Жумушчу топтун жетекчиси А.Ж.Эшимовго жүктөлсүн.

ТӨРАГА **Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

Бишкек ш., 2020-жылдын 21-ноябры, №373

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН КЫЗМАТ ОРДУНА ТАЛАПКЕР РОМАНОВ БАКЫТ АСЫЛБЕКОВИЧТИН ЫЙГАРЫМ УКУКТУУ ӨКҮЛДӨРҮН КАТТОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна өзүн-өзү көрсөтүү тартибинде көрсөтүлгөн талапкер Б.А.Романовдун ыйгарым укуктуу өкүлдөрүн каттоо жөнүндө 2020-жылдын 20-ноябрында кир. №01-12/3431 түшкөн арызына байланыштуу, «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 19-беренесинин, «Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2, 19-пункттарын, 18-беренесинин 3-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер Б.А.Романовдун шайлоо маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү болуп Бактыбек уулу Тазабек катталсын.

2. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер Б.А.Романовдун каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү болуп Шатен уулу Аскар катталсын.

3. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер Б.А.Романовдун катталган ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнө бекитилген үлгүдөгү каттоо ырастамалар берилсин.

4. Бул токтом «Эркин Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

5. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары, Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкерлердин документтерин кабыл алуу боюнча Жумушчу топтун жетекчиси А.Ж.Эшимовго жүктөлсүн.

ТӨРАГА **Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

Бишкек ш., 2020-жылдын 21-ноябры, №374

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН КЫЗМАТ ОРДУНА ТАЛАПКЕР ТАШОВ ИМАМИДИН АСАМИДИНОВИЧТИН ЫЙГАРЫМ УКУКТУУ ӨКҮЛДӨРҮН КАТТОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна өзүн-өзү көрсөтүү тартибинде көрсөтүлгөн талапкер И.А.Ташовдун ыйгарым укуктуу өкүлдөрүн каттоо жөнүндө 2020-жылдын 21-ноябрында кир. №01-12/3435 түшкөн арызына байланыштуу, «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 19-беренесинин, «Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2, 19-пункттарын, 18-беренесинин 3-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер И.А.Ташовдун шайлоо маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү болуп Жыргалбеков Касиет Жыргалбекович катталсын.

2. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер И.А.Ташовдун каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү болуп Турдумамбетова Гулмира Эркиновна катталсын.

3. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер И.А.Ташовдун катталган ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнө бекитилген үлгүдөгү каттоо ырастамалар берилсин.

4. Бул токтом «Эркин Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

5. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары, Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкерлердин документтерин кабыл алуу боюнча Жумушчу топтун жетекчиси А.Ж.Эшимовго жүктөлсүн.

ТӨРАГА **Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

Бишкек ш., 2020-жылдын 21-ноябры, №375

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН КЫЗМАТ ОРДУНА ТАЛАПКЕР ТУРДУБЕКОВА ЭЛЕОНОРА МАРАТОВНАНЫН ЫЙГАРЫМ УКУКТУУ ӨКҮЛҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна өзүн-өзү көрсөтүү тартибинде көрсөтүлгөн талапкер Э.М. Турдубекованын мурда сунуш кылган шайлоо маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлүн чакыртып алуу жөнүндө 2020-жылдын 20-ноябрында кир. №01-12/3419 түшкөн арызына байланыштуу, «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 19-беренесинин, «Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2, 19-пункттарын, 18-беренесинин 3-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2020-жылдын 16-ноябрындагы №337 токтому менен катталган Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер Э.М.Турдубекованын шайлоо маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү катары Усупбекова Назгул Маратовнанын каттоосу жокко чыгарылсын.

2. Бул токтом күчүнө кирген учурдан тартып, Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер Э.М.Турдубекованын шайлоо маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү катары Усупбекова Назгул Маратовнага берилген №45 каттоо күбөлүгү анык эмес деп таанылсын.

3. Бул токтом «Эркин Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

4. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары, Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкерлердин документтерин кабыл алуу боюнча Жумушчу топтун жетекчиси А.Ж.Эшимовго жүктөлсүн.

ТӨРАГА **Н. ШАЙЛДАБЕКОВА**

Бишкек ш., 2020-жылдын 21-ноябры, №376

ЗАО «КЫРГЫЗСКИЙ ИНВЕСТИЦИОННО-КРЕДИТНЫЙ БАНК»

Объявляет о существенных фактах:

О выплате процентного дохода и погашении именных процентных облигаций пятой эмиссии (KG0205166919)

- Основание погашения – наступление даты погашения облигаций **8 декабря 2020 г.;**
- Вид, категория и форма ценных бумаг – **свободно обращающиеся именные процентные бездокументарные необеспеченные облигации;**
- Государственный регистрационный номер выпуска - **KG0205166919;**
- Цена размещения (номинальная стоимость) – **1 000 сом;**
- Общее количество выпущенных облигаций – **200 000 экз.;**
- Размер дохода на одну облигацию – **12% годовых.** Форма выплаты – **денежные средства.**

Погашение облигаций будет осуществляться денежными средствами по их номинальной стоимости **(1 000 сом)**. Список владельцев облигаций, имеющих право на получение процентного дохода и погашение облигаций, определяется на дату **2 декабря 2020 г.** Выплата процентов и погашение облигаций будет осуществляться **с 8 декабря 2020 года** в Головном офисе KICB по адресу: **г.Бишкек, бул.Эркиндик, 21.**

Справочная информация по тел.: 62-01-01; www.kicb.net

Пятый выпуск зарегистрирован Государственной службой регулирования и надзора за финансовым рынком при Правительстве Кыргызской Республики 28 ноября 2017 г. (KG 0205166919).

Лицензия НБКР №046.

С-60

ОАО «КЕРЕМЕТ БАНК»

(адрес: г. Бишкек, ул. Т. Молдо, 40/4)

сообщает об изменении в списке лиц, входящих в органы управления.

Решением Совета директоров от 20 ноября 2020 года, согласно поданному заявлению по собственному желанию, заместитель Председателя Правления ОАО «Керемет Банк» Курманбеков Бакыт Оболбекович освобожден от занимаемой должности с 20 ноября 2020 года.

"КЕРЕМЕТ БАНК"

ачык акционердик коому

2020-жылдын 14-декабрында саат 14.00дө Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., 720001, Тоголок Молдо к., 40/4-үй дареги боюнча акционерлердин кезексиз жалпы жыйыны өткөрүлөөрүн маалымдайт.

КҮН ТАРТИБИНДЕ:

1. "Керемет Банк" ААКнын акционерлеринин кезексиз жалпы жыйынынын эсептөө комиссиясынын курамын бекитүү жөнүндө.
2. "Керемет Банк" ААКнын жүгүртүүдөгү жөнөкөй ыйгарым акцияларынын санын көбөйтүү жана аларды жайгаштыруунун тартибин аныктоо жөнүндө.
3. "Керемет Банк" ААКнын Уставына өзгөртүүлөрдү киргизүү жана Уставдын жаңы редакциясын бекитүү жөнүндө.

Жыйынга катышуучу акционерлерди каттоонун башталышы: **саат 13.00дө.**

Кезексиз жалпы жыйындын материалдары жана документтери менен "Керемет Банк" ААКдан **Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Тоголок Молдо к., 40/4-**үй дареги боюнча таанышууга болот. **Телефон: 31-31-73 (ички 2015).**

Акционерлердин кезексиз жалпы жыйынына катышууга укуктуу акционерлердин тизмесин түзүү күнү катары **2020-жылдын 11-декабры** аныкталган.

Открытое акционерное общество «КЕРЕМЕТ БАНК»

сообщает о проведении внеочередного общего собрания акционеров, которое состоится 14 декабря 2020 года в 14.00 часов по адресу: Кыргызская Республика, г. Бишкек, 720001, ул. Тоголок Молдо, д. 40/4.

ПОВЕСТКА ДНЯ:

1. Об утверждении состава счетной комиссии внеочередного общего собрания акционеров ОАО «Керемет Банк».
2. Об увеличении количества обращаемых простых именных акций ОАО «Керемет Банк» и определения порядка их размещения.
3. О внесении изменений в Устав и утверждении Устава ОАО «Керемет Банк» в новой редакции.

Начало регистрации акционеров на собрание **с 13.00 часов.**

С дополнительной информацией, материалами и документами внеочередного собрания акционеров можно ознакомиться в ОАО «Керемет Банк» по адресу: **Кыргызская Республика, г. Бишкек, ул. Тоголок-Молдо, д. 40/4, тел.: 31-31-73 (вн. 2015).**

Датой составления списка акционеров, имеющих право на участие во внеочередном общем собрании акционеров, определено **11 декабря 2020 года.**

В связи с утерей свидетельства на право пользования земельной долей серия ЧА №343 на имя Жукова Владимира Васильевича считать недействительным.

Н-286

ОТКРЫТОЕ АКЦИОНЕРНОЕ ОБЩЕСТВО «НАЦИОНАЛЬНАЯ ЭНЕРГЕТИЧЕСКАЯ ХОЛДИНГОВАЯ КОМПАНИЯ»

уведомляет, что 20 ноября 2020 года в 13.30 ч. состоялось внеочередное общее собрание акционеров Общества по адресу: г.Бишкек, ул.Ахунбаева,119. Кворум собрания составил 100%.

№ п/п	Порядок рассмотренных вопросов повестки дня внеочередного общего собрания акционеров	Итоги голосования: «За» - %	Решения, принятые внеочередным общим собранием акционеров
1	О составе Счетной комиссии.	100%	Утвердить счетную комиссию в лице представителя независимого реестродержателя ОсОО «СККР Реестр» Мегер В.А.
2	О согласовании внесения изменений в организационную структуру и штатную численность Общества.	100%	Согласовать внесение изменений в организационную структуру и штатную численность Общества.
3	Об утверждении годового бюджета Общества на 2020 год.	100%	Утвердить годовой бюджет Общества на 2020 год.
4	Об избрании членов Правления Общества.	100%	- Избрать Бердиева Асхата Кабыловича на должность Первого заместителя Председателя Правления – члена Правления ОАО «Национальная энергетическая холдинговая компания»; - Избрать Кудайбердиеву Шайыргуль Айтбаевну на должность заместителя Председателя Правления – члена Правления ОАО «Национальная энергетическая холдинговая компания».

С-041

ЖАЛАЛ-АБАД ШААРЫНЫН СОТ АТКАРУУЧУЛАР КЫЗМАТЫНЫН БӨЛҮМҮ ТАРАБЫНАН

Жалал-Абад шаарынын Барпы-Сейил көчөсүндө жайгашкан №254 үйүнүн №1 батири идентификациондук сыр белгиси №3-10-04-0002-0772 сан менен катталган карызкор Кожомкулова Анаржан Кахаровнага таандык жалпы пайдалануу аянты 92,1 кв. м., жашоо аянты 47,0 кв.м. түзгөн батир биринчи жолу ачык соода-сатыкка коюлат.

Батирдин баштапкы (старттык) баасы – 394 000 сом.

Ачык соода-сатык **2020-жылдын 25-декабрь күнү саат 11.00дө** мүлк жайгашкан даректе жүргүзүлөт. Сатыкка катышууну каалагандар сатык боло турган күндөн беш күн алдын ала мүлктүн баштапкы баасынын **5%ын** соода-сатык өткөрүлгөнгө чейин Жалал-Абад шаардык САКБнын депозиттик эсебине кепилдик төлөм катары төлөп берүү менен сатыкка катыша алат. Соода-сатыкта утуп алган адамдын төккөн кепилдик суммасы сатып алуу баасына кошулат. Соода-сатыкта жеңилген катышуучуларына алдын ала төлөнгөн кепилдик суммалары соода-сатык аяктагандан кийин кайтарылып берилерин түшүндүрөт. Соода-сатыкта уткан адам жети күндүн ичинде соода-сатыктын алдында төккөн сумманы кошо эсептөө менен мүлктүн сатып алынган суммасын толугу менен төлөп берүүгө милдеттүү. Жалал-Абад шаарынын сот аткаруучулар кызматынын бөлүмүнүн депозиттик эсеби **РСК Банк Жалал-Абад ш. ИНН 00501199510013, БИК 440001, төлөө коду 14511900, э/счет 4408012100000241.**

Байланыш телефону:0(553) 85-08-08. Д-46

ЖАЛАЛ-АБАД ШААРЫНЫН СОТ АТКАРУУЧУЛАР КЫЗМАТЫНЫН БӨЛҮМҮ ТАРАБЫНАН

Жалал-Абад шаарынын Токтогул (Эркин-Тоо) көчөсүндө жайгашкан №10 үйүнүн №2 батири идентификациондук сыр белгиси №3-10-0016-0330-01-002 сан менен катталган карызкор Кожомкулова Анаржан Кахаровнага таандык жалпы пайдалануу аянты 28,48 кв. м., жашоо аянты 12,75 кв.м. түзгөн батир биринчи жолу ачык соода-сатыкка коюлат.

Батирдин баштапкы (старттык) баасы – 285 000 сом.

Ачык соода-сатык 2**020-жылдын 25-декабрь күнү саат 10.00дө** мүлк жайгашкан даректе жүргүзүлөт. Сатыкка катышууну каалагандар сатык боло турган күндөн беш күн алдын ала мүлктүн баштапкы баасынын **5%ын** соода-сатык өткөрүлгөнгө чейин Жалал-Абад шаардык САКБнын депозиттик эсебине кепилдик төлөм катары төлөп берүү менен сатыкка катыша алат. Соода-сатыкта утуп алган адамдын төккөн кепилдик суммасы сатып алуу баасына кошулат. Соода-сатыкта жеңилген катышуучуларына алдын ала төлөнгөн кепилдик суммалары соода-сатык аяктагандан кийин кайтарылып берилерин түшүндүрөт. Соода-сатыкта уткан адам жети күндүн ичинде соода-сатыктын алдында төккөн сумманы кошо эсептөө менен мүлктүн сатып алынган суммасын толугу менен төлөп берүүгө милдеттүү. Жалал-Абад шаарынын сот аткаруучулар кызматынын бөлүмүнүн депозиттик эсеби **РСК Банк Жалал-Абад ш. ИНН 00501199510013, БИК 440001, төлөө коду 14511900, э/счет 4408012100000241.**

Байланыш телефону:0(553) 85-08-08. Д-46

СУДЕБНЫЙ ИСПОЛНИТЕЛЬ ПССИ СОКУЛУКСКОГО РАЙОНА ЧУЙСКОЙ ОБЛАСТИ ЧЫНАЛИЕВ Н.Н.

объявляет публичные торги на заложенное недвижимое имущество

- Сокулукский район, с.1-мая, ул.Калыка, дом №12, принадлежащий Шеримбековой Эльвире Врачбековне, согласно договору дарения от 24.11.2015 г., зарегистрированный в госрегистре за №39204 от 25.11.2015 г.; Государственный акт о праве частной собственности на земельный участок серии Ч №600226 от 17.06.2015 г.; Технический паспорт единицы недвижимого имущества от 16.06.2015 г. путем продажи с публичных торгов.

- Назначить организатором публичных торгов судебного исполнителя ПССИ Сокулукского района.
- Определить начальную продажную стоимость заложенного имущества согласно Договора о залоге от 8 декабря 2015 года, в размере, **1 305 769** *(один миллион триста пять тысяч семьсот шестьдесят девять)* **сом**.

Торги состоятся **23 декабря 2020 года в 10.00 часов** в Подразделении службы судебных исполнителей Сокулукского района.

Стартовая цена 1 305 769 (один миллион триста пять тысяч семьсот шестьдесят девять) сомов.

Для участия в торгах необходимо внести **5%** гарантийного взноса в Сокулукский филиал ОАО «РСК Банк», **депозитный счет 4403052100000122; БИК 440305; Код платежа 14511900, ИНН 00405199510158; получатель Подразделение службы судебных исполнителей Сокулукского района.** Прием заявок на участие в аукционе заканчивается **за один день до начала** аукциона.

Участник, выигравший публичные торги, должен в течение семи дней внести на депозитный счет ПССИ Сокулукского района, покупную цену за вычетом суммы гарантийного взноса.

С-562

Обращаться по тел.: (0700) 18-02-91, с.Сокулук, ул.Фрунзе №123/7, ПССИ Сокулукского района.

В связи с утерей свидетельства о праве собственности на земельную долю №662 (от 26.02.1999 г.) на имя Керимбаева Бейшеналы Бектургановича считать недействительным.

Н-285

Жонпулатов Азизбек Закиржановичке таандык Сузак районунун Сузак айыл өкмөтүнө караштуу Сузак айылындагы жер тилкесинин жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндө мамлекеттик акт (сериясы Ч №763188, берилген күнү 02.03.2018-ж., идентификациялык коду -3051110012583) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

Д-46

Открытое акционерное общество «КАПИТАЛ БАНК ЦЕНТРАЛЬНОЙ АЗИИ»

юридический адрес: г.Бишкек, ул. Московская, 161

информирует о существенных фактах, а именно решением внеочередного Общего собрания акционеров от 12 ноября 2020 г., внесены изменения в списке лиц, входящих в органы управления эмитента:

Прекращены полномочия следующих членов Совета директоров открытого акционерного общества «Капитал Банк Центральной Азии:

- Чыныбай кызы Бегимай
- Дербишалиева Адилета Эсенбековича
- Асылбаева Улана Мирбековича

Членами Совета директоров открытого акционерного общества «Капитал Банк Центральной Азии» избраны:

- Красников Андрей Алексеевич
- Турсунбекова Айдай Чыныбаевна
- Бактиев Джумгал Давлетбекович
- Байгончокова Жылдыз Конушбековна
- Бедельбаев Нурбек Арстанбекович

С-242

Начисленные и (или) выплачиваемые (выплаченные) доходы по ценным бумагам эмитента.

ОАО «МФК «АБН»

объявляет о выплате доходов за первый процентный период по именным процентным облигациям второго выпуска.

Выплата доходов будет осуществляться с 3 декабря 2020 года (KG 0202211510).

- Номинальная стоимость облигации - **1 000 сом**
- Размер дохода на одну облигацию (2 выпуск) - **15%**

